Тенти Орокчиев

С(Кырг)
О-69



# Салбурун

Тенти Орокчиев

# Салбурун

*(Ырлар жана поэмалар)*



«Бийиктик»
Бишкек – 2013

РБДЮО им. К. Баялинова
ИНВ № 487244

УДК 821.51
ББК 83.1 (2Ки)
О 50

Орокчиев Тенти.
О 50 Салбурун. Ырлар жана поэмалар. – Б.: Бийиктик. – 216 б.

ISBN 987-9967-13-150-1

Элибизге акын жана журналист катары кырк жылдан ашуун жылдардан бери белгилүү болуп калган автор жаңы жыйнагына «Салбурун» деген аталышты бекеринен тандабаган чыгаар?! Демек, бул жыйнакка кирген ырлар мезгил, доор, анда өмүр кечиришкен адам тагдырлары, ой-тилектери кыйла чеберчиликте ырга кошулганы байкалат. Жыйнактын эң башкы мазмуну адам жана токтобой учуп жаткан убакыт. Натыйжада, бул эки башкы теманы жөн гана сүрөттөп коюуну максатым деп эсептебейт. Ушунун тескерисинче тереңине сүңгүү, аралоо, болгондо да образ, салыштыруулар аркылуу тереңдөөсүн баамдоого болот. Бул автордун утушу гана болмокчу.

О 4702000100-13

УДК 821.51
ББК 83.1 (2Ки)

ISBN 987-9967-13-150-1
© Орокчиев Т., 2013

Сенин, менин,– Ала-Тоолук кыргызыма,
Ый алыстап, ыр келсин турмушуна.
Малын багып, талаага данын айдап,
Ырысы артсын, бөксөрбөй ырысына.

Байыр албаган базарга элден эле,
Кечээ гана калаалап келген эле.
Жаңы гана шаардын ызы-чуусун,
Жарты кылым болду араң көнгөнүнө.

Көнө элеги көнгөндөн арбын эле,
Жол салуу эле жана да там куруу эле.
Баарын чечүү бир сапар мүмкүн эмес,
Акырындап аз-аздан жылдыруу эле.

Тоолук болчу мүнөзү каны, жаны,
Тоодон таап, тоо берген табылганы.
Ысыкка да, суукка да көнүп тоодон,
Тоодой эле ал турсун жаңылганы.

Аска, зоодон тайгылып, жылмышпаган,
Бел-белесте, туу жондо, кырда уктаган.
Малын айдап дабанга көк мелжиген,
Ичикий,– деп өмүрү чыйрыкпаган.

*19.11.2000*

## Бозүйдү эстеп...

Өмүр кечип эли менен жашаган,
Көп ашуу ашып, үшкүргөн да чарчаган.
Боз үй тарых чын-чынында ал бүгүн,
Бир таберик калган умай-эне, атадан

Көп жыл болду шаар алып күчүнө,
Илгеркидей уктабадым ичиңе.
Билем, сезем касиетиң канчалык,
Күч кошоорун бүгүн деле күчүмө.

Дайым турат кулагымда абазың,
Бүлбүл гана жарык болуп жанасың.
Кетти, кетти мезгил эшип канчаны,
Эриш-аркак агы менен карасын.

Тар замандар, зар замандар сенде өттү,
Калпын, чынын канчаларын көргөздү.
Керего, уук, түндүк, жел боо, күбө өтүп,
Канча досуң босогодон төргө өттү.

Төрдү тиреп жүгүң турду жыйылган,
Түндүгүңдө булут көчөт суюлган.

А анакей оң тарапта чоң чыгдан,
Кызыл саба, табактар сүт куюлган.

Баса келсең баш-аягы аз гана,
Жата кетсең куш жаздыгын жаздана.
Куттуу боз үй кичине да, чоң дагы,
Баары баткан жатакана, ашкана!

Так ортодо казан кайнар очогу,
Аны унутпай ырыбызга кошолу.
От алоолоп, аңгыча эле сүт кайнап,
Ак жалгасын, ак тилекте бололу?!

Кыска баян боз үйдөгү бул элес,
Айтып бүткүс, ал өзүнчө планет.
Ак боз үйдүн мына уук, түндүгү,
Азырынча жатат ана, керегеси
тура элек.

Ак тилектер, көп-көп айтыл түгөнбө,
Жаман жорук, пас ойлорду жүгөндө.
Айланайын апам тиккен ак боз үй.
Оору, кырсык апаатты эми жибербе?!

* * *

Мен көчөңдү көп кыдырып бүтпөдүм,
Нечен-нечен үйлөрүңдү тиктедим.
Дал өзүңдө күн кечирип кырк беш жыл,
Ошончо эле дал өзүңдө иштедим.

Өзүңдө өттү, анча аз эмес айлардын,
Кеткис болуп өмүрдөшкө байландым.
Чырмап алдың аппак жибек тор менен,
Демек болбос, алыстоого аргамдын.

Аргам жок деп бирок келбейт даттангым,
Сени менен келет кайра мактангым.
Ооба, антип кеп козгоого жөнүм бар,
Сенде жашап кыйла жумуш аткардым.

Мүмкүн алар сенин берген дemиңдир,
Кеп уласам, бир керемет жериңдир.
Маңдайымда уланышкан тооңдон,
Жортуп келген жүз сылаган желиңдир.

Терегиңдир, ак балтырчан кайыңдыр,
Жазыңдан соң шаша келген жайыңдыр.

Жана дагы арча, жаңгак, карагай,
Көзгө үйүр, өрүк, алма, талыңдыр.

Өзүңдү Ай да, сени Күн да сагынган,
Ошондуктан канча арзуу багынган.
Кең көчөңдө аз баспадым, көп бастым,
Үйдөн чыгып, өзүм салган тамымдан.

*13.09.2009*

* * *

Сенде жүрүп, сенде сездим эң көпту,
Берген Кудай жалгыз сага бербеспи.
Өзүңө окшоп «гвардияң» жапжашыл,
Бул бульварда далай жондор тердешти.

Кайнайт тынбай канчалардын турмушу,
Жана жанып далайлардын жылдызы.
Борборумдун бул аймагы бөтөнчө,
Жазда жаздай күлүп турган нур кызы.

Жайда жашыл келбет-өңгө жамынган,
Жарык күнүм күнү кечке жагылган.
Сегиз катар түркүн дарак тизилип,
Жазылбаган жыл төрт мезгил сабындан.

Ушул жерде бактын канча бар түрү,
Айтар адис канчалыгы ар түрү.
Кара жыгач, ак кайыңы, тереги,
Өз-өзүнчө ырга татыйт ар бири.

Ар биринин тапса болот көңүлүн,
Жана дагы узун, кыска өмүрүн.
Эй жарандар, байкагыла дегендей,
Оорун колдон, жерден алып жеңилин.

Бул аймакты канча болот мактаса,
Суусу кашка, абасы да таптаза.
Жогор жагы темир жолго тепчилип,
Турган сымал өзү менен жашташа.

Те-е илгери жыл жетимиш башында,
Бир агы жок ал кезекте чачымда.
Кыргыз үчүн ушу аймактан уналгы,
Башталды эле акыл кошуп акылга.

Ошол жылдар имарат да жаңыдан,
Төрт дубалы көтөрүлө баштаган.
Тактабайын канча жылда бүткөнүн,
Имарат жаш, өзүм да анда жаш калем!

Тездесин деп кээде келдик жардамга,
Аралашты жаш улан, кыз, карган да.
Көп түкүрсө көл деген сөз сыңары,
Шартка ылайык жаз, жай, күз айларда.

Болгон чыгаар курулушка себепкер,
Обон созуп эртели-кеч теректер.
Ар тараптан ак үмүттө сүрөштү,
Ылдамыраак ишке ашсын деп тилектер.

Ойдо тилек көп максатка тушташты,
Ооба, алардын кыйлалары ишке ашты.
Ушул жерде теле таңы агарып,
Көп замандаш, үналгы угуп укташты.

Отуз жылым жазга айланды ушерде,
Сөз жоргосу тарап жатты бүт элге.
Жаңы жылдар сапарынан жаңылбай,
Табыштырды заман эмне, иш эмне?

*4.05.2009*

## «ЖАШ ГВАРДИЯ» ГҮЛБАГЫНА

Кайран айлар, кайран жылдар,
Саналып кайда кетти?
Далай күлгөн күлкү,
Ырдалган ырлар,
Издесем табылгыс,
жайга кетти.
Күлкү ичинде канчалык
ый бар.
Кеңдиктен архив аттуу
төргө чөктү.

Гвардия жаш болуп турат мына,
Жаштыгын шыбырап кулагыма.
Ага катар тизилген кара жыгач,
теректери,
Күүсүн чертип сезимдей ынагыма.

Отуз жыл, отуз күн эмес эле,
Отуз жыл ороло̄т элесиме.
Өттү алар жаздан соң, жайы келип,
Аларды чакырам бүгүн бул кеңешиме.

Албетте айтууга сөз арбын,
Силерге кез болууга чын кумармын.
Айтаарым көп жана да суроолор көп,
Сендеги сыр сандыкты аз-маздан
　　　　　　　　　　　　　аңтарып чыгаармын?!
Алардын ичинен далай жакшыны,
Жана да жаманды көрүп турармын.

Оо жакшылар, келгиле эң алгач,
Кыйын болоор бирден кармаш.
Оо жакшылар, жадыраткыла,
　　　　Жаркырак мизиңер,
　　　　Жагымдуу ишиңер
　　　　менен жанбас!?

Оо алтындарым, турасыңар жалгап,
Алтын колуңар менен колумду кармап.
Алтын оюңар менен оюмду аймап,
　　　　Жазыңар жайнап,
　　　　Торгоюң сайрап,
　　　　Өткүлө төрүмө
　　　　Барымды бардап.

Оо садагалар, сагындым силерди,
Айта албайм өзгөчө киминерди,
Сагындым бириңерди, миңинерди
Ооба, аптаптуу күнүңөрдү
Алоо, асыл сүйүүңөрдү
Самаймын жана бал
тилиңерди.

Күүсүндө кирип келчү күзүңөрдү,
Күлкү кетпеген жагымдуу жүзүңөрдү
Кучак жайып тозомун
келгиле кечикпей,
кебелгис алтын бешиктей,
керемет жасалган тетиктей.

* * *

Айткым келбейт пайдасы жок жөн
кепти.
Берген кудай сага аябай бербеспи,
Дайым жапжаш «Жаш гвардия» аталган
Сенде жүрүп, сенде сездим эң көптү.

Тынбай кайнап канчалардын турмушу,
Жанганычы кыйла өмүр жылдызы.

Бишкегимдин бул аймагы бөтөнчө,
Жыл төрт мезгил жанып турган
нур кызы.

Жайда жашыл коодукка жамынган,
Деген сымал, менин, сенин багыңдан.
Сегиз катар бакты бойлой басышат,
Кары-жаштар өөдө-төмөн агылган.

Ушул жерде бактын канча бар түрү,
Адис айтаар канчалыгы ар түрү.
Катар турган кара жыгач, теректер,
Өз-өзүнчө сөзгө тартат ар бири.

Ар биринин тапса болот көңүлүн,
Жана дагы жылдап келген өмүрүн.
– Эй жарандар байкагыла дегендей,
Оорун колдоп, жерден алып жеңилин.

Бул аймакты канча болот мактаса,
Ушу жердин абасы да таптаза.
Жогор жагы темир жолго такалып,
Турган сымал аны менен жашташа.

## «АЛА-ТОО» КИНОТЕАТРЫНА

Жаштар өтөт жай гана саламдашкан,
Жигиттерчи кылычтай жалаңдашкан.
Кыздар өтөт өңүнө нур чайкашып,
Кылым доошу куландай булаңдашкан.

Бир кезекте айтылган жомок сымал,
Эки, үч күнү түнөгөн конок сымал.
Кыска өмүрдө аз иштеп калыпмын,–деп,
Кыйгач карап бульварда Жоомарт турат.

Кызыл гүлдөр акынды тегеректейт,
Жашыл бактар акынга не керек,– дейт.
Баары сүйлөп бир гана таш сүйлөбөйт,
Чыртылдашып чымчыктар чебелектейт.

Көрдүң бекен узун да туура тамды,
Көрүп токтойм закыйган Зуураканды.
Таазим этип бул эне эрдигине,
Деймин ичтен: – «Дал муну туура салды».

Бир кезекте айтылуу болгон эле,
Ал учурда борбордун борбору эле.

Жакын келип «Ала-Тоо» театрга,
Имараттын ал кезде чолпону эле.

«Ала-Тоонун» алдынан күтөм деген,
Кечиксең да алты саат түтөм менен.
Болжошуулар буерде болчу эле көп,
Келип сезчү кеп чынын ишенбеген.

## АКЫЛДАР

Акылдар алмаздан да бекемсиңер,
Ашуу ашып кайда барар экенсиңер.
Жана да дайра кечип келесиңер,
Алдыда да далайды чечерсиңер.

Акылдар Айсыңар да, Күнсүңөр да,
Тозомун мен силерди күн чыгаарда.
Силердин төрт тарабың төп келишип,
Кандай кооз ичиңер да, сыртыңар да.

Чындыктын дал өзүндөй чындыгы бар,
Акылдан айланамын шумдугу бар.
Акылдар акылмандын башындагы,
Арыстан, жолборс сүрдөөр туйгуну бар.

А силер буга чейин далайды алып,
Канчалык караңгыга бердиң жарык.
– Айланам, акылыңдан дешти кары,
Аныңа жер ынанып, эл кубанып.

Сүрүнөн чексиз асман сүрдөп турду,
Үнүнөн жашыл жайлоо гүлдөп турду.
Бир өзүң какыр чөлгө өмүр берип,
Канчаны барчылыкка үндөп турду.

Барчылык барчылыкка барып турду,
– Кел ал,– деп дасторконун жайып турду.
Акылдар ичи көңдөй, пейли тардын,
Карынын шамшар менен жарып турду.

Баруудa Ай, Ааламга канат сермеп,
Таптыңар да далайды чеке тердеп.
Кемигис келечектин кең төрүндө,
Силерди күтүп жатат кызыл бермет.

*21.04.2009.*

* * *

Акылдан өткөн акыл бар,
Асылдан ашкан асыл бар.
Убакыт сенин күчүңдөн,
Ойгонуп жаңы түшүмдөн,
Өзүңө баары катылган.

Сырыңды ачкыс сырың бар,
Чыныңды таккыч чының бар
Акылга жеткис иш кылып
Асканы дагы түз кылып,
Келесиң канча кылымдар.

Улуудан ашкан улуу бар,
Сулуудан ашкан сулуу бар.
Ушулар алга жылгызды,
Колуна ууштап чындыкты,
Айтылып калган кылымдар.

Дөөлөттөн өткөн дөөлөт бар,
Мээнеттен ашкан мээнет бар.
Ай нурун түштө сүйгүзүп,
Күн нурун күчкө киргизип,
Алакаңга жылдыз сал!?

ЦНБ НАН КР им. К. Бекенова
ИНВ № 487244

Бийиктен ашкан бийик бар,
Күлүктөн ашкан күлүк бар.
Адамдык аппак абийриң,
Ак иштен тапкан ак үйүң,
Ар качан күндөй тийип кал!?

*9.05.2009*

* * *

Агарган таң, атып келген башка таң,
Кышында таң, жайдагы таң, жазда таң.
Келүүдөсүң атышыңдан жаңылбай,
Миң сан кылым, те-е илгертен, баштатан.

Атышыңды көп-көп жандар самашкан,
Ак күлкүңдү, ак жүзүңдү карашкан.
А айрымда булут каптап жүзүңдү,
Айрым жандар ак жолунан адашкан.

Андайы да тышкарыдай адаттан,
Мүнөзүңдү Кудай өзү жараткан.
Тозуп калган боз булутту төшкө тээп,
Боз жоргодой чамынасың таң ашкан.

Кетти кайра, кайда житти боз булут,
Үрктүбү ал, боз жоргодой кош куруп.
Кетсе кетип бара турсун бир жакка,
Капкара атын ал бир жакка жазгырып.

Аңгыча өзүң күлө карап агарып,
Жаш сулуудай чачтарыңды таранып.
Ата келгин, чыга келгин токтобой,
Ажарыңа ой толкутуп алалык...

Ой толкутуп, ойдон ойлор төрөлүп,
Көрүнүшкө, көркөмүңө бөлөнүп.
Боёгуңдан каректерге сүртүнүп,
Кана достор, сүрөт тартып көрөлүк.

*29.12.2008.*

* * *

Эмне кылып жатат дейби бу кыргыз,
Далай эле тытмалады бу турмуш.
Мен биреөнөн көргөндүрмүн жамандык,
Жан адамга кылбагамын арамдык.

Жазымышпы тагдырымбы билбеймин,
Кудай кылса анда кимди тилдеймин.

Улук кудай, сенде күнөө ушул деп,
Ушул сөздү бирөө айтса да кирбеймин.

– Оо жазымыш, оомал-төкмөл бу дүйнө,
Жазда бүрдөп жай, күз кайра күбүлмө.
Жыргап жатам, сен куурай бер
дегенсип,
Табак беттүү адам күлөт тигинде.

Ошол адам мени тиктейт ийменбей,
Ошол «Жолборс» сүйлөп кирет
күймөлбөй.
Оо байкуштар, иймендешкен жазгычтар,
Өтө берип таңдан аппак, кардан аппак
дилдердей.

Ушул ойду миң бир ирээт бекемдеп,
Өөдө чуркап, ылдый түшөт чепеңдеп.
Бул айтканда канча-канча чындык бар,
Бир гана аны талант ата көтөрмөк.

Кылган ишим анча деле аз эмес,
Алибетте, аягы эмес, башы эмес.
Болжол менен орто кыргыз кылганды,
Кылам кырк жыл, калем мен өнөктөш.

*4.05.2009.*

* * *

Жакшылык чырак жагат,
Жакшылык улам сабак.
Жакшылык кишилерден,
Келээрин турам карап.

Жакшылык шамын жагат,
Жагымдуу агын жаят.
Сүйкүмү сүрөт сыңар,
Көңүлгө зор канагат.

Жакшылык жакын-алыс,
Үймө-үй кошунабыз.
Үч күнү сапар келип,
Жаңы эле кошулабыз.

Жана да ал жаңга шерик,
Келүүдө тегеренип.
Жамандын жолун тосуп,
Күлүңдөйт колун берип.

Жакшылык келет көктөн,
Жана да суудан кечкен.
Жаңы эле өттү мына,
Жамгырдан дыбыр эткен.

Жаз жаңы келген чакта,
Жакшылык турат бакта.
Жагым сөз айтуу менен,
Көңүлүн улап ташта.

Жакшылык колдорунда,
Жана анын ой боюнда.
Жакшылык көптү баалап,
Азга ал тойгонунда.

Жашыл да, аппагын да,
Жакшы ыр саптарында.
Сен аны издеп жүрүп,
Кыйлада тапканында.

*4.04.2009.*

* * *

Чындыктын бирин эмес миңин билем,
Ушуну бышыктасам жоктой күмөн.
Жакшылык бөксөлүктү толтурушат,
Жакшылык болсо экен,– деп
миң эңсегем.

Жакшылык далай келди, далай кетти,
Жай басып тоодон төмөн карай кетти.
Ортодо кармап калдым үч, бешөөнү,
Айтпайын алар үчүн далай кепти.

Жакшыны жакшылыкка арнап турдум,
Жакшылык жашасын деп кармап турдум.
Ага деп бир күн эмес жүз күнүмдү,
Атайы ак иштерди арнап турдум.

Ал дагы абалымды туюп турду,
Оюма, кучагыма сыйып турду.
Жакшылык ак жаандай сезимиме,
Ак тамчысын ал аста уюттурду.

Ак жаандан агардым, тазаландым,
Мен анын алдында басам арбын.
Жакшылык ак жаанын төктү мага,
Дейт сезим ал болсо, мен да бармын.

Омкорулуп түбүнөн жаман санаа,
Жакшылык жамгыр төгүп келди мага.
Суу болду бүткөм боюм дегим келбейт,
Ой оргуп жер да таза, мен да таза.

Чындыктын миңин эмес бирин билем,
Чындыктың акактай ак үйүн билем.
Чындыктын, жакшылыктын жамгырына,
Ар дайым сезим, ойду кириндирем.

*25.04.2008.*

* * *

Мен жашайм бурoo менен суроо менен,
Күн кечирем күндү күнгө улоо менен.
Жөө жүрөм канча ирээт кургап, тердеп,
Өзүмдү-өзүм келүүдөмүн сыноо менен.

Сыноо бүтпөйт сыныма сын кошулат,
Сыноо тиктейт бүшүркөп да, чочулап.
Чочуба дейм жүрөккө Кудай берсе,
Ойго ой, күчүмө күч кошулат!?

Деп тиленем бир күндүн эртесинен,
Деним сакта ал күндүн эркеси мен.
– Оо теңирим үшүнү кут кыла гөр,
Ажыратпа бараткан көп көчүнөн.

Жыйырма бири кылымдын баштап
кирген,
Жыйырма бири оюмдун сүйгөн, күйгөн.

Дагы алдыда токсон жыл толкуп турат,
Адамзаттын сапары ийрең-ийрең...

Элестелет бир туруп түз өңдөнөт,
Акыл калчап абийирдүү күч өңдөнөт.
Ат-тигиниң караны актык жеңээр,
Тарыхтын тактыгына ишен делет!?

Ишенемин ишимдин актыгына,
Жана дагы акыл-ой жаштыгына.
Илим-билим өркүнү өр талашып,
Жашоо шарттар айныксыз
жакшырууда.

Бирок, бирок тептегиз дегим келбейт,
Бардык үчүн болсо деп көңүл дегдейт,
Босогосун үч миңдин жаңы аттап,
Жакшы тилек бакыттын төрүн көздөйт.

Жыйырма бир, сапары алыс
жаңы кылым,
Канчалык келечектүү жагы мунун.
Шарында зор кеменин сансыз тагдыр,
Биридир оомал-төкмөл кайыгынын...

Кечээ өткөн кан төгүүлөр, кара күчтөр,
Кара кол, кара ниет, кара үмүттөр.
Кайталангыс болсо экен жер үстүнөн,
Алгыр кушун салса экен алп мүнүшкөр.

Алпкара куш канаты талбаса экен,
Ашып өтүп, алп ойлор жаңбаса экен.
Арам байлык азгырып түйтүнгөнды,
Аман койбой оп тартып жалмаса экен?

## ЖАЛГЫЗДЫКТЫ ЖАШЫРЫП...

Ушул күн көп күндөрдүн бириндейби,
Байкасам мага башка сезилбейби.
Он эки айдын кыска айы төртү бүгүн,
Бересиң, күтүп жатам сенден пени?!

Күткөнүм бүгүн, эртең бүтөт кышың,
Өзгөрөт буруксуган сенин жытың.
Табигат жер-дүйнөгө килем төшөйт,
Көркүнө көөнү тоюп шилтер бутун.

Түз жашыл, ошондон соң тоолор жашыл,
Түз атыр, ошондон соң тоолор атыр.

Себинип кирип келет жаз жайдары,
Өзү асыл, өзүндөгү баарысы асыл.

Асыл баары калкыган ойлор жаңы,
Сергитип сезимдерди турар баары.
Жүздөргө чачыратып майда тамчы,
Атыр жыт, тып-тып тамса жазгы жааны.

Өзүңдү да сезерсиң жашаргандай,
Өзгөчө ой-кыялың тазаргандай.
Жашыл өң жан-жакты жасалгалап,
Жапыздыкты жашырып ката алгандай.

*4.02.2002.*

* * *

Он жашаар чындыгында бала жашы,
Ондун бар дал өзүндөй даражасы.
Ондон соң жарты кылым, толук кылым,
Болсо экен беш кылымдын тамашасы.

Кыргызым тойго шыктуу, ойго шыктуу,
Кыргыздан кыйлалаган талант чыкты.
Дедирип келечекке сапар чексе,
Байытсын байманасын тарых кутту.

Бул он жыл миң жылдыктын башы болуп,
Бу он жыл он миң жылдын жашы болуп.
Босогосун үч миндин жаңы аттап,
Турганында тилегибиз: – Бакка жолук!

Аларды бар кылуу да сенден, менден,
Жаратат күндөп-түндөп мээнеттенген.
Ушуга акыл, билим айкаш жүрүп,
Күн келсин эринчээктер тебеленген.

Күн келсин кыргызчылык кынга кирген,
Күн күлүп жели жортсун булут сүргөн.
Ар үйдөн күү угалы, күлкү угалы,
Абазы жаңга жагым, жүрөк сүйгөн.

Эмесе кут кел, он жыл баскын бирге,
Не бүттү, не бүтпөдү ачык сүйлө.
Жалгандык асыл жандан алыс кетсин,
Алдыңа акыл калчап, жолуңду ирге!?

*14.07.2001.*

* * *

Асыл башың далайды көрөт экен,
Жакшыны ойноп, жаманды жеңет экен.
Же жеңилип капталып кайгы-мунга,
Канча жолу сазына чөгөт экен.

Аман болсо алыс жол чегет экен,
Караны да, акты да сезет экен.
Карасынан айланып өтөмүн деп,
Акыл оюн, өмүрүн берет экен?

Аман болсо жакшыны жандайт экен,
Жамандык да бөлүнүп калбайт экен.
Адамдардын асылы, эр жүрөгү,
Өтөөр-басаар жолунан тайбайт экен?!

*16.02.1997.*

* * *

Жакшыдан жагым кеп калат экен,
Жыл өтүп ал чырактай жанат экен.
Жагылган чырак сезимде уюп,
Жанып чыгуу жаңылгыс адат экен.

Андайдын көп уккам сөзүн... сөзүн,
Кандырып андайларга учкул сезим.
Канат байлап шыгымды шынаарлатып,
Дал ушуга салыштырам тандын өзүн.

Мен алардын карагам көзүн, көзүн,
Бар турпатын, бардыгын жүзүн, өзүн.
Атан төө батса дагы жүгү менен,
Канча алса да, берсе да түгөнбөсүн.

Башкаларын байкагам кирпиктерин,
Куштун кушу, бүркүттүн бүркүттүгүн.
Мүмкүн ал кырдын кызыл түлкүсүдүр,
Алдоочу кай учурда бийлеп бийин.

Андайлардын аз эмес билем көбүн,
Кара күчкө, калп күлүп айтар сөзүн.
Мен билбеймин чындыгым чын туюлуп,
Жетээрине күмөнмүн сөзүм, кебим.

Ушул экөө эки адам, эки дүйнө,
Баамчылым байкооңду даана сүйлө.
Булардын бири бүркүт шаңшып учкан,
Экинчиси сасык үпүп келгис күүгө.

* * *

Отурам да, ой агытып жоруп ой,
Кеткен убак ала-салды кетишти.
Алибетте эски,жаңы оюм, ой,
Бары-жогу мага таасир этишти.

Таасир этүү кандай болот алдыда,
Эки миңди бүтүп жатып нени ойлойм.
Бергенде не заман үчүн кайгыра,
Өзүмө-өзүм суроо салып ой козгойм.

Аттап өтүп үч миң деген кылымдын,
Жүз жылында заман канча өзгөрөт.
Ойлойм анда эл тагдыры не болот,
Алмашуу да учкан куштай тез келет.

Тездигине, Алыкулча катат баш,
Ошондойдур анын болгон мыйзамы.
Өзөн агат, жаайт жамгыр, жатат таш,
Калыбында кандай болсо мурдагы.

Үч миң эмне? Уландысы өткөндүн,
Анда адамдар, тагдыр деле баягы.
Жетээрине жетип турар жеткен ким?
Акмат-Акмат, Баялы да Баялы.

Ошондо да сүйүүгө бек Аксаткын,
Мырзасы үчүн аний дебей кыяр жан.
Жетпей келээр чегине көп максаттын,
Таңдар сүрүп, чыгыш жактан кыярган.

Ошондо да жүзү кара жүз буруп,
Жолдоштук да, кыйбастык да сатылар.
Ошондо да булут тарап күн чыгып,
Үмүт жанып каректер да чачыраар.

* * *

Оо чаржайыт, чакырам биригүүгө,
Терeңдөөгө, тереңге, үңүлүүгө.
Аларга ак, жашыл гүл сунууга,
Ак көңүлгө, чын дилден сүйүнүүгө.

Оо чаржайыт, умтулам чогулууга,
Сагынууга, сагынтып жолугууга.
Жол жүрүп кел, тоо ашып, талаа кезип,
Тозуп алам үйүмө, конушума.

Оо чаржайыт, мендеги неге бүгүн,
Шарап ичпей, аш татпай алагүүмүн.
Чачыраган ойлорду чогулттум да,
Кай жерде,– деп иликтейм ала жибин.

*18.11.2000.*

* * *

Алты айчалык сапар чегип келбеген,
Ата-бабаң саламдашып көрбөгөн.
Орто Азия аймактарын мындай кой,
Самолетто учтуң канча термеген.

Бир жыл да сен отуз жерге барып кайт,
Көлдө чалкып ырахатка канып кайт.

Өзүңдө ой, өздө жүрөк тар болсо,
Түшүн иним, сени эч ким жаратпайт.

Суроо салам, минди коюп, беритен,
Тарых жолун алаканга эритем.
Кимдер өткөн, кандай жашоо кечирип,
Чындык менен узун сапар чегишем!

Атабаймын канча баатыр аттарын,
Күйүт жана атабаймын шат жагын.
Алар болгон аз-маз эмес, чачтан көп,
Жана окубайм жазылбаган каттарын.

Алар деле, биз сыңары жеп-ичкен,
Кубанычтан кучак жазып көрүшкөн.
Кексе, кербез, кара мүртөз, ичи тар,
Ажыраткан акыйкаттан, көп иштен.

Бейпилдикти алар дагы сүйүшкөн,
Бейкут күндө шапар тээп күлүшкөн.
Аларда да бизде, сиздей эт жүрөк,
Жалындаган, жагым сөзгө жибишкен.

Анда деле жар ташта эле жагалмай,
Өзөк күйгөн өкүнүүлөр карандай.
Анда деле кыр жакалап кыраан куш,
Жылдыз жайнап, күн батып,
таң агармай.

* * *

Алышып келип ай менен,
Жулушуп жүрүп жыл менен,
Он беш жыл мурда сен өзүң,
Бишкекте белең кайда элең?

Жүзүмүн татып жылдардын,
Алмасын ашап айлардын.
Үн салып бир да койбопсуң,
« – Бишкекте дагы: Мен бармын!?»

Оролушуп кумарга,
Кыналышып кыялга.
Аздыр-көптүр элим,- деп,
Келемин жазып чыгарма.

Кулакка жамап эл кебин,
Отуз жыл эфир ээледим.

Үч миңден ашып кетиптир,
Калкыма дагы бергеним!

Кыйратып ийдим дегим жок,
Бергениме кебим жок.
Ошолордун ичинен,
Ойлой келсем өзүң жок.

*31.10.2008.*

* * *

Кандай келип, кандай өттү ай, жылың,
Канчалык бар, кандайы бар кайгынын.
Анын баарын ачык айтып бере албайм,
Жана канча адам деген байлыгың?!

Жылдар, айлар катар-катар тизилген,
Бүгүн карап таба албайсың изин сен.
Алар кетти кайрылбаска, келбеске,
Жолдорго окшоп ийри-муйру түзүлгөн.

Баятадан байкоо салам жаныңда,
Ой чабыты жука дагы, калың да.
Барын бар деп алаканга сала албайм,
Турса болду ысык илеп каныңда.

Сени көрөм, кош каректе көздөрүң,
Сени ойлойм кулагымда сөздөрүң.
Том-том болгон китеп келет элеске,
Суроого жооп, кыска гана эскерүүң.

... Эскерүүлөр айтып келип токтогон,
Жазып келип жарты барак ашпаган.
Баарын тегиз айтып, жазып отурса,
Көлгө айланаар дайра болуп акпаган.

Эскерүүлөр кагаз түтпөс аларга,
Алар үчүн жалгыз мындай бар арга.
Эң ыйыгын кулпулап кой жүрөккө,
Чыгаар бирөө ал байлыкты табарга...

*23.11.2008.*

## ЖЕТИМИШ ЖАШКА

Эй жетимиш, эшигиңди аттадым,
Аттаганга кайгылуу да, шаттамын.
Жетимишим жети күндөй келди бат,
Кубанганым аз болбоду тапканым.

– Эй жетимиш, эркелетчү сен эмес,
Жана сага эркелөөчү мен эмес.

Жетип келип көз кайкыган асканa,
Көңүлдөргө удургуду көп элес...

Жетимишим көппү, азбы жеткеним,
Дайым күбө аткан таңым, көктө күн.
Ушул экөө бар жакшыма көмөкчү,
Жашырбастан айтсам чыным,
сөз жөнүн.

Дал өзүңө келгеним чын жол жүрүп,
Жүргөндө да күндөп-түндөп мол жүрүп.
Далай-далай шар өзөндөн кечкемин,
Атчан жүрүп, өгүз минип, жел минип.

Сапарымда жаз, жайларга кез болдум,
Таш да болдум, суу да болдум,
жез болдум.
Ийним ылдый кара жамгыр шорголоп,
Шүмтүрөгөн торгойго да окшодум.

Аскалар да тозуп турду сүрдөтүп,
Бел-белестер каршы алышты бийлетип.
Капчыгайдын күрүлдөгөн өзөнү,
Калбады ал кез болгондо мен жетип.

Кар бапактап жаап турду каршымда,
Бороон улуп калып жатты артымда.
Бул экөөнө миң бир ирээт мен чыдап,
Жатты артып сапарым да, баркым да.

– Ээ жетимиш эми өзүңө курдашмын,
Келет эми сени менен сырдашкым.
Чечиле көр, сен да агыңдан жарылып,
Сенде жүрүп дагы келет ыр жазгым!

Каалоом бирөө, он сегиздин бер ырын,
Жалгыз тилек, бер элүүнүн чындыгын.
Жетимишке жеттиң, бүттү дебестен,
Кошойдун бер, Бакайдын бер тыңдыгын.

*19.01.2009*

* * *

Согуп-согуп жел өтсө,
Сонун сезим кезекте.
Сергий түшүп дене бүт,
Жагым өрдөйт мүнөттө.

Жортуп-жортуп жел өпсө,
Сен күтпөгөн кезекте.

Бүркөө кабак ачылат,
Күн нурданып жүрөктө.

Анда эмесе, ой акын,
Акыл, насаат сөз айткын.
Көлдөй толкуп берейин,
Алтыным ай, ай алтын!!!

Ойдогумду туйгунуң,
Алыс кетсин, ый-муңум.
Жарым ырыс, жакшы сөз,
Жакам ылдый куйгунуң.

Байка, бала, чын сырым,
Баамдачы эң мурун.
Сонун сөздүн дайрасын,
Мени карай бургунуң?!

## ӨМҮР

Өмүр, өмүр тепкичин тебе бердим,
Токтоо билбей өөдөлөп келе бердим.
Жолдо болгон жолтоого токтоп калбай,
Дегим жок, бүт баарын жеңе келдим.

Өмүр, өмүр көбүнө көнө келдим,
Арасында кыйласын жеңе келдим.
Арыламбы жол тозгон азаптан,– деп.
Аргам куруп айла издеп чебелендим.

Өмүр, өмүр от болуп жана келдим,
Көптөн кол жууп, кыйланы таба келдим.
Кана бүгүн кайсыны бүтөйүн,– деп,
Ал бир иштин астында тегерендим.

Өмүр, өмүр жакындын баасын билдим,
Айырмалап алыстын жаасын билдим.
Кыргыздын тоо-түзүнүн деми менен,
Ата-Мекен жеримде ойноп-күлдүм.

Өмүр, өмүр өзүндө сапардамын,
Ырас, азбы, асыл да, татаал жагың.
Асылына азгырылып кеткеним жок,
Катаалына көзүмдөн жаш албадым.

Өмүр, өмүр алдыда калды канчаң,
Табышмагың, табарыма, болуп аң-таң.
Турам күтүп болгонуна ыраазыдай,
Өз эркиңде: – Сүйсөң да жана чансаң?!

*16.05.2009*

* * *

Супсак дүйнө, сур дүйнө,
Мен угайын, сен сүйлө.
Супсак жерин сулуулап,
Сургулт жагын желге үйлө!?

Сүрүп кетсин жел аны,
Суусун суктун кумары.
Сүрдөп турсун сүрүнөн,
Анын чарт-чурт кыялы?!

Суранарым, ук дагы,
Суу бойлосун супсагы.
Шапатасы шар агым,
Жайда жагым муздагы.

Сурай берсин «суф» десин,
Сүрү эч бир бүтпөсүн.
Супсак дүйнө, сур дүйнө,
Уялгандай тиктесин!?

*28.02.2000*

## ӨМҮР МЕНЕН ӨЛҮМ

Ким ойлобойт ушу экөөнү,
Падыша да, ойлойт бала дагы.
Өмүр деген жапжашыл жаз көктөмү,
Бир созулган жыл, айдын аралыгы...

Келе берем түйшүктүн арасында,
Ойлоп кээде, ойлобой өмүрүмү.
Бул касиет адамдын баласында,
Унутуп да, унутпай ойлоп келүү.

Ойлоп келүү, ай жылды бойлоп келүү,
Арасында тоо, токой, бурганак күн.
Боору менен кээ бирде сойлоп келүү,
Алдан таюу, башында ой-санаа мин!

Өмүр, өмүр анда да, мында дагы,
Кызыгы бар өзүнчө танылбаган.
Ырдай түшкүн жашоону ырда дагы,
Дем-күч берсин ошолор сенден маган.

Келип... келип, өмүрдөн өлүм өнүп,
Келип... келип, кетербиз келгис болуп.
Жалп өчөрбүз, жаздагы кардай эрип,
Күн бетине үмүттү жазып коюп.

Көп тагдыры көзүнө бир көрүнбөй,
Көңүлүндө көп экени сезилбей.
Мени дагы тозуп алат карт ажал,
Ала келген, алып көңгөн өчүндөй.

– Ха-ха! дейби, каткырабы, ыйлайбы?
Канча адамга керегимди туйбайбы.
Бир секунтка токтой турсаң десем да,
Көз ирмемге кылчактоо жок турбайбы?

Өлүм, өлүм ар адамдын башында,
Башында да, кирпигинде, кашында.
– Нары кет,– деп айттырбастан бир
ооз сөз,
Эшик чертип кирип келет азыр да!

Кирип келет көп үйлөргө киргендей,
Иштер ишин өзү гана билгендей.
Жашап жүрүп жалп этесиң бир күнү,
Жазып келип бүтпөй калган сүйлөмдөй.

* * *

Ат-тиң кейиш, арманы көп дүйнөгүн,
Ачык айтып кана жүрөк сүйлөгүн.
Бала чакта байкоо салбай көптөрдү,
Эске түшөт, эчак өткөн күндөрүм...

Кеч болсо да ыры менен төлөсүн,
Бизди өстүргөн Кылжыр ата элесин.
Көз алдымда даана турат тартылып,
Айдагандай ал апакай кемесин!?

Көтөрүмдүү көбүрбөгөн мүнөзү,
Жакшы эле эмес, сонун киши эле өзү.
Адам болуп кагуу, согуу билбеген,
Сендей болсо ээ, бардык ата, үй ээси.

– Кана уулум өз милдетиң эстеби,
Айдап келгин тиги койду төштөгү.
Деп акырын таптачу элең далымдан,
Болчу эмес, болбойт башка эч кеби.

Көз ачылбай турсам дагы уйкуда,
Тандан туруп жөнөтчүсүң жылкыга.
Издеп таап айдап келсем желеге,
Айланайын,– деп турчусуң унчуга.

Иш кылыпсың ой калчасак өлчөөсүз,
Сен өстүргөн бүгүн дарак төртөөбүз.
Кызмат кылат, бала өстүрөт көп эле,
Улуу иш кылган улуу болоор сенчелик.

Ачык айтып акылуубуз сүйлөөгө,
Биз карыздар унутулгус дүйнөдө.
Урматтаган уул, кызың эскерип,
Койгон бу гүл боз чым баскан мүрзөңө.

*20.07.1996-жыл.*

* * *

Өйдө өсүп өңгөн экен,
Кудуреттен келген экен.
Калкып аккан дайра экен,
Асмандагы айда экен,
Ой кулачы эң кең экен!

Жаман ойлор чагаар жылаан,
Самсаалаган кара туман.
Айлаң келсе жакындаба,
Ката көрбө башыңды ага,
Мен алардан качып турам.

Кээде кеткис коногум ал,
Качканыма болобу ал,
Адатынча талап койгон,
Жете келип алат колдон,
Айта баштап жомогун ал.

Ал сазына ал тыгылып,
Мен жыгылсам, ал жыгылып,
Мүнөзүндө тоготпогон
Күчү менен сороктогон,
Сөзгө көнбөс ажымурук.

Аңгыча эле аппак барак,
Ак калемим айгай салат.
Тигилерди айдап чыгып,
Бутун кээде байлап туруп,
Ыр баатырым чырак жагат?!

## ЖЫЛДЫЗЫМА ТИЙБЕ

Менин бир жылдызым бар,
Ченемсиз көк асманда
Демек, бүтө элек турмушум бар,
Жана бир бакытым да.

Ал жылдыз кичине эмес,
Ал жарык күйүп турган.
Ал майда күкүм эмес,
Балбылдап тийип турган.

Тийбегин жылдызыма,
Нурунан алба уурдап.
Нур берип бакытыма,
Чогулткам айлап, жылдап.

Мага аны энчилеген,
Берекем энем эле.
– Оо ана карагыныӊ!?
Жылдызыӊ деген эле.

Сенин да жылдызыӊ бар,
Асманда балбылдаган.
Көрсөтүп апаӊ саган,
Көп тиктеп жалжылдаган.

Сен тургун, жылдыз турсун,
Жымыӊдап таӊ аткыча.
Керемет сулуулугун,
Жагымын таратып саа.

Мен сенден суранаарым,
Тийбегин жылдызыма.
Менин ал кубанарым,
Ыр кошоор турмушума.

Мен аны каршы коём
Кан ченгел далбасына.
Кутурса да ошол оён,
Таяна ракет бомбасына!

* * *

Канатын желге сабап,
Кайратын өргө калап.
Күн тыным, түн уйку жок,
Жаралган сенде адат.

Билбеймин жашоо буюм,
Мендеги сезүү, туюм.
Турбайбы көрүнө эле,
Чертилип ал үч кылың...

Үч кылы, үч жүз болуп,
Үч буроо үч жүз согуп.
Жатканын айтпайсыңбы,
Кыларың кылып коюп.

Ал күүгө тынбай түшүп,
Андай да, мындай түшүп
Келебиз биз пенделер,
Нанын жеп, суусун ичип.

Нан үчүн нени көрбөй,
Суусу үчүн өлүп өлбөй.
Кармаша берет белем,
Каржалып бүгүн сендей.

Канатын карга сабап,
Кайратын жарга камап.
Келесиң балдарым деп,
Үмүттөн койбой тажап.

*28.09.1999.*

* * *

Эмгек менен эриш-аркак бактыбыз,
Мээнет барбы демек ага жактыңыз.
Эки бутту илип койсоң столго,
Нанды, акты кайдан анда таптыңыз?

Ойдо болгун: – Багып жатат эмгегим,
Күндүзү да, түндө дагы тер менин.

Алыстабас, аздектеген жан досум,
Мен аларсыз ажал жетпей өлгөнүм!?

Намыз, ардуу алыстабайт бул ойдон,
Жана да алар ушул ойдо чоңойгон.
Андай жаштар он бешинде жүк болбой,
Акыл, күчү аларда эрте торолгон.

Андайларды калк ичинде аз көрөм,
Көйрөң, көпшөк, кыялы чорт мас көрөм.
Ата-эненин кыркка жете мойнумда,
Отурушкан оюу мокок жаш көрөм.

Ал ойрондор жөн отурбай челишкен,
Атырылып бирин-бири тебишкен.
Кеп сурасаң эки ооз сөз кошо албай,
Бар өнөрү, бар кесиби жеп-ичкен.

Буга дагы, тырмакчада сүйүнгүн,
Бу жагынан эч табалбай кемтигин.
Жарты иш кылбай жарты кылым
жашаптыр,
Эркин басып, ээн жүргөн Эркиниң?!

* * *

Гүүлдө өзөн гүүлдө,
Күч-кубат күчтүү үнүңдө
Аккан суу тынбай ага бер
Актык чоң сенин дилиңде
Кулакты төшөп отурам
Жаңырган жаздын күнүндө.

Гүүлдө өзөн гүүлдө,
Күч-кубат сенин үнүңдө
Аркайып улуу тоо турат
Көтөрүп баарын ийиңге
Жатыптыр ырдап жатыптыр,
Тапма-так эне тилимде.

Гүүлдө чоң сай гүүлдө
Күнүндө дагы түнүндө
Орноп калсаң жок дебейм
Отуз жыл соңку дилимде
Кашаттан кайра көз салдым
Мен бүгүн майдын биринде.

*1.05.2007.*

* * *

Сен да өсүп, мен да жашап келемин,
Басып-туруп сага маани беремин.
Таңдан туруп сүйлөшүүгө сен менен,
Сүйүүм канбай күн өткөзүп келемин.

Жайда өзгөчө жагымыңды сеземин,
Кышында да ызгаарыңды көрөмүн.
Кенедей да кемчил таппай түрүңдөн,
Сени бойлоп өөдө карай жөнөдүм.

Чордонундай канчалаган багымдын,
Он ыптасы Аламүдүн сайымдын.
Жетимиш жыл өсүп келе жатасың,
Бир дүйнөсү карагайдын, кайыңдын.

Ушул күнү, улуу күнү жазымдын,
Жумшак гана үнүн туям назыңдын
Адатымда күн өткөрбөй кез болуп,
Бирин таптым өзүң сыңар жаз ырдын.

Жаздын сырын барын, жогун өлчөсөм,
Жаздын ырын издеп таптым, сенде экен.
Айланайын асыл аймак бот... багым.
Көп биле элек, бейиш белем көрсө сен!?

*20.03.2009.*

* * *

Карага эмес, акка кел,
Күндө эки ирээт бакка кел.
Бот... бак тозот бой керип,
Таңдан тарта кечке дээр.

Кызылга эмес акка кел,
Топоп эмес ачка кел.
Аба сени тойгузат,
Ойлор сезим термеген.

Сарыга эмес, акка кел,
Саргаюуну жатка бер.
Багы жокко, дагы жок,
Баксыз өмүр өткөрөр.

Жашылга эмес акка бер,
Акылманды такка бер
Акча деген дүйнөкөр
Акмак аттуу атка бер.

Чексиз асман көккө бер,
Азга эмес, көпкө бер.
Берериңди аябай,
Чындап берсең төпкө бер.

Пейилге бер, ойго бер,
Баардыгынан ой чебер.
Ар жан адал болсо экен,
Арсыз кууп жетпеген.

Ар качандан бир качан,
Убакыт таап бакка кел,
Бот... бак сени агартат,
Бой, оюнду көгөртөт,
Жерге алпарат жетпеген.

*28.09.2008.*

* * *

Күлкү да бар, күйүт да бар көзүңдө,
Согуш, тынчтык ээрчип жүрөр сөзүңдө.
Жыйырма деген орошондой ат менен,
Баратасың тарых деген өмүргө...

Не болбоду, не көрбөдү жүз өткөн,
Болду мезгил күндөп-түндөп күрөшкөн.
Жана болду жадыраган жаз, күздөр,
Сөз айтылып жакшы каалоо тилешкен.

Көптү көрдү, көптү билди Жер-Эне,
Пейли кенен, берекеси кең эне.
Тоону түзөп, дөңдү бузуп жатса да,
Бир баласын алганы жок жемеге.

Мухиддер да, деңиздер да, көлдөр да,
Тоолор менен кум каптаган чөлдөр да.
Ар өзүнчө ишин кылып, күн кечип,
Өмүр улап жолун салды тагдырга.

Кайдан келди, жер кандайча жаралды,
Кандай күлүп, таң неликтен агарды.
Күн жаркырап нурун төктү чыгыштан,
Күлө карап ал узатып саламды.

Бул дүйнөгө келип-кетти канча жан,
Келбей калды келейин деп чаңкаган.
Башталыш бар, аягы бар бу жашоо,
Төрөп жатат жаңыларын кайтадан.

Төрөп жатат, төрөлсүн деп, көрсүн деп,
Берип жатат, берилсин деп, берсин деп.
Берген да март, алган да март кой дебей,
Толуп ташып керденинде мелтилдеп.

Керден, керден бүгүн толгон бексерүп,
Аткан таң да убак жылып, кеч келип.
Тыным албас, токтоо билбес убакыт,
Жатты айлар, жатты жылдар өткөрүп.

Мына ушинтип бирден жүз деп
саналган,
Көктөн көпкөк, жерден жашыл
жай алган.
Ордун камдап, келиштирип келбетин,
Аз көбөйүп, бардан жогу табылган.

Кош айтышаар учурга да келиппиз,
Кош Жыйырма,– деп колубузду
берип биз.
Узатабыз кыйбас досту сапарга,
Кулак сүйүп, ооз бирок жеп-ичкис.

*19.11.2000-жыл.*

## А.Ү. АСАНАЛИЕВГЕ

Канча айлар арыш керди жарыша,
Эң бер жагы отуз беш жыл арыта.
Сизди билем жарык мүнөз адамсыз,
Конуп турчу алчы менен баары таа.

Жүрсөк дагы кыйла жылдар кол үзбөй,
Орто жерде бир аз калдык көрүшпөй.
Ойго түшүп, издеген кез болсо да,
Байланыштар турду ылдам өнүкпөй.

Күтүүсүздөн июнь айдын этеги,
Кездешүүлөр ойго салды кечээги.
Калыс карап Кудай Таала койдубу,
Жолуксун деп бир аптача экөөнү.

Токтой калып кулак төшө бир мүнөт,
Агып жаткан Аламүдүн күркүрөп.
А мынакей өзүңүздү күткөндөй,
Өз обонун салууга да үлгүрөт.

Анда агатай, бул Арашан ой болсун,
Ал гана эмес боюңузга бой болсун.
Аз-маз сыркоо денеңизди бекемдеп,
Эртең эле үйүңүздө той болсун!

Жабалактап илхам келип үйүлсүн,
Даамы ширин мөмөлөрү күбүлсүн.
Ушул жерде Аламүдүн боюнда,
Анда агатай асыл саптар чийилсин?!

* * *

Чолпонбек, Чолпондой жигит эле,
Чолпондой жаркылдап жүрүчү эле.
Бир кудай ага берип көп өнөрдү,
Бир иш эмес, аныкы миң иш эле.

Арзыткан, эң башкы бий иш эле,
Аны чындап жанындай сүйүүчү эле.
Аны аткарып чыкканда сахнага,
Жалын эле жалбырттап күйүүчү эле.

Бийин бийлеп кумарды кандырчу эле,
Бийи менен жүзү да албырчу эле.
Калкып келип бийи жай токтогондо,
Далайларды эсинен тандырчу эле.

Сөз кирпичин кынап да, маштачу эле,
Кызык сөздү кыйла сүйлөп таштачу эле.
Чокемдин кызыл тили бул жагынан,
Тунук жана башаттай таптаза эле.

Тайыды жоргосунан бир бий деми,
Бий чоросу, Кош Чоке көрбөйм эми.
Бирок дайым бир кезде чыккан тулпар,
Кыргызың кылымдарга эстейт сени.

*02.09.2002-жыл.*

# АК МЭЭНЕТ АКЫБЕТИ

*(Ю.Шыгаевге)*

Ушу экен го Ысык-Көлдөй толкушуң,
Талант даарып Ак кемедей калкышың.
Сүрөт тартып сүйүндүрүп көптөрдү,
Кыдырдың сен жер шарынын жартысын.

Тарткан сүрөт, кулүндөгөн күн сүрөт,
Талыбаган мээнетинди билдирет.
Сары-Челекте, Соң-Көлдөгү айлуу түн,
Уктап жатат нур перидей үргүлөп.

... Байкап кара, Манас ата байыртан,
Келе жаткан жолун улап жай-ылдам.
Кана инитай кармап калсаң сүрөткө,
Ушул тагдыр бир башыңа тагылган.

Анда эмесе, күндүз иште, түн иште,
Талант деген тер агыза билиште.
Ошондуктан жарык чачып Чолпондой,
Танды тосуп турса дейбиз бийикте.

Турса экен ал, көп көздөрдү суктантып,
Шыктанчуга шыбаа болуп шыктантып.
Башы Көлдүн аяк жагы Баткендин,
Чыга келсин чырайына кут калкып.

Юристанбек, алган наамың кут болсун,
Талантыңа талыбастык жык толсун.
Дагы алдыда канчалаган дабан бар,
Алыска учар, учкул канат куш консун.

## Ч.АЙТМАТОВДУН БЕЙИТИНДЕ

Аты угулган дүйнөдөгү бүт элге,
Кыргыз уулу уктап жатат ушерде.
«Ата бейит», өзү атаган бул атты,
Көптү тарткан, бу аймактын күчү эмне?

Азды эмес, көптү ээрчиткен аркадан,
Уктап жатат ушу жерде алп адам.
Бейитинин үстүндөгү үймөк гүл,
Издеп келди, жана келди канчадан?

Анын баарын санабайлы бир баштан,
Келди эңсеп сүрөт тарткан, ыр жазган.

Жана дагы далай жерден эл башы,
Тынбай келет, калың калктан тынбастан.

Эми алардын аягы да тыйылбайт,
Күн келүүсү көбөйбөсө суюлбайт.
Келет көптөр миң чакырым жол жүрүп,
Улуу урмат, улуу адамдан бузулбайт.

Келет алар көрүүнү эп табышкан,
Эстеп чыккан миң чакырым алыстан.
Мекке санап, базар баалап ушерди,
Тынбай агат, улуу рухту байыткан.

Калемине далай чеке тердеткен,
Жарык өмүр жарашыгын көргөзгөн.
Кете берди келгис сапар жолуна,
Шум тагдырга, ал багынды жеңбестен.

Сабак алып рухунан урагыс,
Улуу устаттын улуулугун туябыз.
Мына бүгүн бейитине гүл коюп,
– Ат-тиң айтып, куран окуп турабыз.

*12.05.2009-жыл.*

## ДАГЫ БИР ЖЫЛДЫЗ ӨЧТҮ

*(Т.Океевди эскерүү)*

Таланттар азбы көпбү,
Дагы бир жылдыз өчтү.
Жаркырап жанып туруп,
Кайрылгыс сапар кетти.

Дагы бир чоң жар көчтү,
Дагы бир талант өчтү.
«Бакайдын жайытынан»,
Орошон тулпар кетти.

Каплет кайтып кетти,
Канча ашуу ашып кетти.
Оо тагдыр ушундайбы?
Дагы бир ай, батып кетти.

Тоң жери көндүм деди,
Тоолору сездим деди.
Төлөмүш Океевди,
Неге эрте бердим сени?

Деп бүгүн турат күйүп,
Баарына кулак түрүп.

Тоо күйүп, түздөр күйүп,
Жогуңду жатат туюп.

Таланттар азбы, көпбү,
Дагы бир жылдыз өчтү.
Жатканың жайлуу болсун,
Акыркы айтар сөз бу!?

* * *

Байкуш кызым, багың кайда каралдым,
Бассам-турсам түпкүрүндө санаамдын.
Айрым кезде жаш бурчактап көзүмдөн,
Сен белемсиң, эң кайгылуу баяндын.

Ошол баян беш күн болсо мейли эле,
Ошол баян кайсы күнү келди эле?
Нак жыйырма жыл азап чегип келесиң,
Тагдыр сени шорго малды эмнеге?

Мунун баары жан билбеген табышмак,
Төшөгүмдө жаш төгөмүн солуктап.
Андан деле кандай пайда чыкмакчы,
Түн ортосу жаткын дагы кал уктап!

Туруп-туруп ушуну айтат бир бүтүм,
Каптай келип кара түтүн, боз түтүн.
Айланайын шордуу экенсиң Аселтай,
Мунун баары кимдер үчүн, эмне үчүн?!

Ойлой берип аягына жете албайм,
Санаа сансыз күнү кечке эс албайм.
Сендей кыздар турмуш куруп, иш иштеп,
Ушул ойдон өз денеме бата албайм.

Бойго жеткен он жетиңде байкушум,
Азап менен өтүп келет жай, кышың.
Сен жаратар иштер деле көп эле,
Элдей шык да, бар эле го, ал-күчүң.

Койчу деги, кайсы бирин кеп кылам,
Ойлогондо азабымды жеп турам.
Да кийиңки тагдыр жазуу не кылат,
Деген ойго, миң бир ирээт соктугам.

*28.08.2006.*

## МЕКЕНДЕН АЛЫСТАГАН КЫЗДЫН МОНОЛОГУ

Кай жакка келди жай башым,
Кай жакта калды тоо-ташым.
Кай жакта күр-шар өзөнүм,
Кайрылып кайра барбасым.

Томуктай кезден торолгом,
Бой тартып сенде чоңойгом.
Күлүгү өтүп күн, айдын,
Гүлүнө канча оронгом?

Чыпыктай кезде торолгом,
Чыйралып сенде чоңойгом.
Жытыңа толкуп көңүлүм,
Чөбүңө канча ороңгом.

Өзөн-сууңду бойлогом,
Суугуңа дагы тоңбогом.
Билсем да жашоо катаалын,
Эмесмин мындай ойлогон...

Чындык сенде калыс жан,
Чыракты сенде тамызгам.

Секелек кезде куушуп,
Курбулар менен жарышкам.

Күлкүнү сенден күткөмүн,
Суусасам сууң ичкемин.
Теңир-Тоо сенин койнунда,
Жок эле жүрсөм эч кемим.

Жан кечти жашоо антыбы,
Жалп өчтү чырак жанчубу?
Жаныма жарык өскөн жер,
Унутбасмын баркыңы.

Энекем асыл жан эле,
Атакем акыл-ар эле.
Арбагы колдоп алардын,
Бейишти тилейм экөөнө.

Арадан агып, жыл жылып,
Инимди эстейм бир туруп.
Каякта кандай абалда,
Калгандыр мүмкүн кырсыгып?

Эки эжем билбейм не күндө,
Эрте-кеч дайым көңүлдө.
Көшүлүп көзүн сүздүбү,
Көрүнбөй келген өлүмгө.

Агамдын билбей дарегин,
Ай, жылды санап келемин.
Ажалга дуушар болбосо,
Тилебес элем бөлөгүн.

Чаңкоомду булак кандырган,
Чарчоомду саамал жандырган.
Аймалап жибек чачымды,
Атыр жел согуп ал турган.

Көңүлүм күндөй албырган,
Көңүлдүн кутун жандырган.
Жандырып жашоо шаанисин,
Жайкалып жүздү таң жууган.

Кумарым эшик черткилип,
Сагынчым сезим эзгилеп.
Агарып таңдар атса да,
Азапта күндө кеч кирет.

Кош анда кыргыз апакем,
Кош эми кыргыз атакем.
Жаныңда болуп жарым күн,
Жанашаар күнүм бар бекен?

Кош, анда Ала-Тоо Мекен,
Кош Көлүм, Чүйүм көлөкөм.
Бар болуп тентек Нарыным,
Керегиң тийсин сен нечен.

Эмнени айтып не дейин,
Эмнеге кайгы жебейин.
Үшкүрүк чыккан сөзүмөн,
Өзүмөн кабар берейин.

Көмүлгөн өмүр көчүндө,
Калыстык болбой теңирде.
Калкыман такыр айрылып,
Калгамын кытай жеринде.

Кайгыны кайгы жашырбас,
Кайгыны жүрөк батырбас.
Тилеген менен бакытты,
Бир өзү ишке ашырбас.

Азапты-азап жашырбас,
Азапты дене батырбас.
Каалаган менен ырысты,
Бир өзү ишке ашырбас.

Көңүлүм күндө он салаа,
Көзүмдүн жашы он талаа.
Азапка салып башымды,
Билбеймин чыдайм канчага???

* * *

Суу океан, суу көл, деңиз, суу дайра,
Бар нерсенин башатында суу турат.
Доошун жазбай агып жатат ал сайда,
Капталымдан мукам кайрык үн курап.

Суу океан, суу көл, деңиз, суу дайра,
Мен да суумун, сен да суусуң, ал да суу.
Суу денеде, суу сөөктө, суу канда,
Суу бар болуу, анда жашоо талбасы.

Суу океан, суу көл, деңиз, суу дайра,
Суусун жутуп, суусунумду кандырам.
Суу керемет, суу бар байлык ар жайда,
Суум бар деп далай байлык бар кылам.

Суу океан, суу көл, деңиз, суу дайра,
Адамзатка түгөнбөгөн суу тагдыр.
Оо улуу суу, өнөрүңдөн бир тайба,
Элди көгөрт, жерди көгөрт жаа жамгыр.

Суу океан, суу көл, деңиз, суу дайра,
Токтогулдун толуп тургун көлүндөй.
Отуз, кырк жыл бөксөрбөгөн бир жайда,
Уурдап, сатып түгөтө алгыс өзүңдөй!?

*20.08.2009.*

* * *

Көптөн жакын жатындаштай бир өзү,
Көл баягы адатындай мүнөзү.
Тескейинен Күнгөйүнө көз чаптыр,
Көз алдыңда зор табигат сүрөтү.

Ал сүрөттү карайм улам кадала,
Ашык сөз жок канча айтылган жадама.
Жумшак доошун күүгө салып жатат жай,
Дөңдөн тигил, көлгө жеткен аба да.

Кең мейкинде тердиктей да жок булут,
Ой тушаган сар-санааны жок кылып.

Жүз кадамдай аралыктан ак толкун,
Бери жөнөйт жай канакей серпилип.

Келгин бери, түрмек жазбай түз келгин,
Бир өзүңдөн бир керемет күч көрдүм.
Карап туруп ак чачыңды тарамдуу,
Чоң өмүрдүн бир тамчысын сүйкөндүм.

Сүйкөнгөнүм каректерге байланды,
Күүң, сүрүң жарты сапка айланды.
Даба кошкун түгөнбөгөн түбөлүк,
Арзуу асырап, сүргүн каткан арманды.

Боло көргүн, өзүң болуп дабагер,
Эмне барын, эмне жогун таба көр.
Кылк-кылк жутуп кылаандагы абаңдан,
Кызыгуумду, кыялымды жага бер!?

Саа кайрылып айта турган сөзүм бул;
Ата-бала болуп келем канча жыл.
Отуз кылым сага өмүр сурайын,
Деп кайрылам Ата Көлүм саа быйыл.

*13.08.2006.*

* * *

Күн бүркөлүп качыргандай көркөмүн,
Жаап турду, көлдүн жүзүн, көп жерин.
Мындай кезде, көлдүн ырын, көл ырын,
Тыңшоо болчу көптөн күткөн эрмегим.

Көл жээгинде эртең менен издедим,
Көңүлүмдөй, өмүрүмдөй түз менин.
Улап жатты убак менен жарышып,
Жана түзөп жашоонун миң бүктөмүн.

Оо, көңүлдөр убакыттар, бүктөмдөр,
Ич дүйнөмдү далай жешип-ичкендер.
Ушул саатта кулпусунан ачылып,
Бир өзүнчө түргө келди кутман жер.

Толкун, бүктөм, көл жээгине сүрүлгөн,
Жашоо бүктөм далай өлүп-тирилген.
Издер бүктөм бир аздан соң көл чайкап,
Жок-бар болуп турганына сүйүнгөм.

Көл да бүктөм көл үстүндө жаркыган,
Ой да бүктөм, Тынч мухиддей чалкыган.
Көл жээгинде бүктөмдөрдү аңтарып,
Бүктөмдөрдүн кууп келем артынан.

Мен алардын табылганын, тапканын,
Жапжашылын, сапсарысын, аппагын.
Ажыратып көзгө сүртүп турсам да,
Таба албадым бир гана анын
жаштарын!?

*15.05.2009.*

* * *

Адам бол, журтум самаган,
Эл үчүн көпкө жараган.
Ата-эне тилейт ар качан,
Өстүргөн уул-баладан.

Элине тийсе жарыгы,
Журтум деп какса тамыры.
Андай кыз, уул таштабайт,
Ата-эне деген карыны.

Убагы башка өтпөстөн,
Карысы деле жатпайт жөн.
Жашыл чөпту жайкалтып,
Эмеспи алар көктөткөн.

... Көп турмуш аны текшерди,
Көгөрткөн алар көптөрдү.
Бир жанга кара санагыс,
Жылдарын алар өткөрдү.

Эс берди, тагдыр эс берди,
Айныгыс кылып бек берди.
Ата-эне алын суроого,
Айныбай алар көп келди.

Сөздөрүн аста аярдап,
Тамагын дагы даярдап.
– Иче гой ата, же эне
Силерге булар жагар зат.

Дешкенде көңүл көкөлөп,
Мамиле беш, он эселеп.
Жыргатып салса ушинтип,
Ымышаар тер да кете элек.

*10.08.2009.*

* * *

Тилек тилеп, отурам тилек тилеп,
Келээр күнгө, болочок өмүрүмө.
Аркырап агын суудай күн өттү көп,
Ооруна онтоп, жаркыдым жеңилине.

Оорун дайым жеңүүгө кылдым далбас,
Жеңилди, алыс качты кайратыман.
Нерсе жок бу жашоодо күчү жанбас,
Бир гана жооп керек ал татыган.

Жеңилине желпинип кеткеним жок,
Сезип турдум алдоосун, арзандыгын.
Эзилишип ээрдинен өпкөнүм жок,
Десе дагы берем деп бар бардыгын.

Зылдай оор кара ташын көтөрүүгө,
Билек түрүп ийнимди даяр кылдым.
Жана ишенип ага күч жетээрине,
–Кана кел,– деп чыдашка даяр турдум.

Бул үчүн түн иштеп, күн иштедим,
Тилек тилеп, кошумча тилек тилеп.
Чуркадым дайра кечтим, дабан аштым,
Эс алууну токтотуп жарым мүнөт.

*2.12.2000-жыл.*

* * *

Өмүр, өмүр өөдөлөп келүүдөсүң,
Өрүшүңдү астыртан сезүүдөсүң.
Өзүңдө канча ай, күндөр текке кетти,
Текке кетип бүгүн да желүүдөсүң.

Өмүр, өмүр бүткөнүм, бүтө элегим,
Дале өзүңдө күткөнүм, күтө элегим.
Түзүлөт бейм кеткенден көздөн кайым,
Азыр кайда, учуп өткөн көпөлөгүм.

Өмүр, өмүр бир учур балалыгым,
Багым гүлдөп бал таткан аралыгым.
Жумгучакты көз ачып ал да узап,
Баласы боло алдымбы баягынын?!

Өмүр, өмүр уланып, жигиттигим,
Күлкүсү көп жана арбын күлүк күнүм.
Ал кезде жолун тозуп жашчылыктын,
Өзүм да, өзгөчөмүн, сүйүктүүмүн.

Өмүр, өмүр тапканым аздыр көптөн,
Ал тагдыр ээ-жаа бербей тегеретken.
Азына өкүнүч да, кейиш да жок,
Аларым ушул эледир колум жеткен.

Өмүр, өмүр да канча жыл улаары,
Ай, жылдын канчасына жолугаары.
Ким билет жалгыз гана билип кудай,
Колунда турбайбы ал чогуу баары.

*30.11.2000-жыл.*

* * *

Кар жаады ойду-тоону шейшепке ороп,
Кычырап, жүздү чымчып келди конок.
Дал эртең декабрдын күнү төрөп,
Кыш деген эң алгачкы сааты согот.

Согот да, сааттарга саат уланмай,
Күн учуп учкулдугун күч тыя албай.
Отуз күн соң, жаңы миң жыл эшиги,
Агып кирет дагы бир доор кыяндай.

Апапак Айсулуудай жалжылда,
Тазалыктын тазалыгы бар мында.
Бир түндө далай жер ак шейшеп
жамынды,
Үч миң аттуу улуу кылым алдында.

Бул өзү жакшына кубаныч, бир төлгө,
Берээри аз эмес, берешен көп элге.
Дегендик, аппак кар тилектин аруусу,
Ата-бабадан айтылып келаткан жөрөлгө.

Дал ошол, бүгүн да тургандай туюлуп,
Келгендир кезеги кемибей жыйылып.
Кар жаады жаасын кар жакшылык,
Деп жатыр өткөндүн өзүнө бурулуп.

Кар жаады, ак шейшеп чулганып
ой-тоо бүт,
Жадырайт жагым күч, жакшы үмүт.
– Кош анда жыйырма миң, жыл соңку,
Сени ойлоп, кайрадан жанат күч!?

*30.11.2000-жыл.*

* * *

Чыгам дагы
тоолордун дабанына
чыгам жаңы алысты карануута.
Алыс жаткан
кичи тоо, бөксө тоолор
өрөөн жатат
аңыздар таманында.
Ана кыштак,

ана бак, аппак тамдар
А да көркөм
жыл өтүп жасанууда!!!

Чыгам дагы,
тоолордун дабанына
бийиктиктен,
бийикти карануугa.
Желип-жорткон
ойдой күлүк
тоо желине
сезим бөлүп,
чачымды тарануугa.
Асманына
көз салып
аппак булут
алмашылгыс бир учур
жамалына!!

Чыгам дагы,
тоолордун бийигине.
Көптү тиктеп
көптөргө сүйүнүүгө
Карай берип
Көңүлдү тазартамын

Жакшылыкка
Миң ирээт жүгүнүүгө!!

Чыгам дагы,
Тоолордун бийигине
чыгып келем
чындыкка ийилүүгө
Таазим кылып
Чоң акыл, чың өмүргө
Мен аларга чын дилден тигилүүгө.
Келем чыгып
үчүнчү, онунчу ирээт
Асылдыгын боюма
сиңирүүгө?!

Чыгам дагы
тоолордун кылда учуна.
Чыгам кайра
тоодогу жылдызыма
Эпилдеп, эң шайдоот
Бир кочушун
төмөнгө ыргытууга.
Чыгам дагы
Кайрадан таза абасын
Бир тынбай шыңгытууга?!

Чыгам дагы
Сүйүүнү сүртүнүүгө
Чыгып келем
Чындыкка умтулууга.
Шылдың кыла
бийиктен муш жөнөтөм,
Көйрөңдөрдү
Тумшукка бир согууга?!
Карабастан
Кээлердин: – ай, коюна?..

Чыгам дагы,
тоолордун дабанына.
Чыгам дайым,
өзүмдү карануута
дайыма келем чыгып
Азбы, көппү
бир нерсе таап алууга
Чыгам дагы
Каруу алууга
Чыга берем,
Өз отумду,
Дагы өзүм жага алууга.

*12.06.1982-жыл.*

## АКЫНДЫГЫ АЛП ӨМҮРДӨЙ

Мен чыны көп жылдан соң жаңы туйдум,
Толкундуу толукшуган ойго сыйдым.
Жээгинде Ысык-Көлдүн ай өткөзүп,
Сергитти ырлары акындардын.

Көл жатты, Түгөлбайды эстегендей,
Толкуну ак чач уулун көксөгөндөй.
Аңгыча чыгыш жактан агарып таң,
Көл таңды, таңы көлдү эңсегендей.

Көксөгөн Эне-Көлүн Жусуп акын,
Камтыган жүрөгүнө канча жакын.
Көл ойду бешигинде термеп жатты,
Аста-жай сылагылап акын чачын.

Акынга ырдын пири койнун ачты,
Акында кыял көлдөй толкуп атты.
Бул дүйнө эки дүйнө болсо дагы,
Үчүнчү акын Жоомарт да ырын жазды.

Бул үчөө эмес эле жөн көрөрман,
Жеңилине желпилдеп тез кубанган.

Баарын, баары бышырган ой-кыялда,
Эмес эле акындар кѳр оокат,
дүйнѳ жыйган.

Кѳл жатты акындарды эстегендей,
Түрмѳк толкун шарпылдайт эңке кѳнбѳй.
Кѳл таңы кѳз жоону алып агарууда,
Акындарда алмашылгыс бир ѳмүрдѳй.

*18.03.2003-жыл.*

* * *

Жылып ѳттү далай жыл,
Билинип да билинбей.
Аштым дабан, далай кыр,
Шашпай дагы күжүлдѳй.

Күндѳр күмдай чубурду,
Айлар агып дайрадай.
Миң ѳзгѳрүп кубулду,
Ѳтүп кээси жайма-жай.

Канча шашып жүгүрдүм,
Бүтѳрүүгѳ иштти бүт.

Капаландым, сүйүндүм,
Жүрөк кагып дүпө-дүп.

Кош аягым, кош колум,
Колдоп дайым турушту.
Бул экөөсүз жок жолум,
Бирге таап ырысты.

Чындап келсе теңдеш жок,
Ийиндеги башымдын.
Ага катар өңдөш жок,
Бир асылы, асылдын.

Мына бүгүн алтымыш,
Тозуп турам жетисин.
Күлөт, жүрөт канча ырас,
Канчага да жетишим?

Жандырмаксыз суроолор,
Кирген суудай кургуштөйт.
Бурала элек буроолор,
Күндүз бүтпөйт, түн бүтпөйт.

*8.09.2005.*

* * *

*Чыгаан ишмер жолго жаңы гана түшүп жатып алдыда канча иш турганын айттырбай көрөт. Менин ишиме бирөө жолтоо болуп атат деп даттанбайт. Мунун тескерисинче бир нерселерди издеп табат жана иштей алат.*

(Ф. Достоевский).

Далилдөөсүз накта чындык ал турган,
Канча таамай калыс ойлор айтылган.
Чыгаан адам, чыгаандыгын көргөзөт,
Кандай гана иш болбосун, айтылган...

Аны эч ким, аны иште деп айдабайт,
Аны бирөө акча сунуп жалдабайт.
Жүрөгү анын күйүп турат от болуп,
Жалын жүрөк аны дагы алдабайт.

Жакшылыкка улоо болуп терeңдей,
Жакшы жанды душман көрбө дегендей.
Бир караса көзүнө миң кабылат,
Ага тагдыр тартуу кылган өнөрдөй.

Ал азамат түндү күнгө алмашкан,
Эл, жерине жарык чачкан, таң чачкан.
Иштин көзүн таап туруп шарт бүтсө,
Анысына көргөн адам калат таң!?

Ушундайлар турса элдин башында,
Урмат менен, бийик баалап атын да.
Мунун өзү таалай экен табылгыс,
Көптү жасар көсөм ошол акылга?!

*8.05.2007.*

* * *

Ичкиликти ичпедим деп айта албайм,
Бирок чыны бөтөлкөгө түшпөдүм.
Кээде досмун, кээде качып жалтаңдайм
Билем анын жыргал жерин, ит жерин.

Жыргалынан иттиги көп дейм бүгүн,
Алтымыштан аша берген убакта.
Анын бир да көргөн жокмун эрдигин,
Калды көп ай, калды көп жыл тиякта.

Оо ичкилик, алтымышта мени алдап,
Өң-далаттан, кубат-күчтөн алгың бар.

Сен турасың жүздү жут,– деп жалаңдап,
Болду жетет,– деген сөздө калгым бар.

Мени менен сенин келет ойногун,
Шылдыңдагың, күлгүң жана пас кылгың.
Канчаларды оюн куруп тойлодуң,
Да канчасын отко салып, ташка урдуң.

Келбейт баарын тизмелегим, санагым,
Жанып туруп канча чырак жалп өчкөн.
Көзгө урунуп, көрбөй келем аягын,
Жанын жешээр дал ушуну калп дешкен.

Анда досум, кош ичкилик, кош бүгүн,
Мен таарынбайм сен да мага таарынба.
Мен жашаган жайдан узап кеткиниң,
Байланбасын, күлкү, күйүт багым саа.

*13.01.2001-жыл.*

## КАДЫР ТҮН

Кадыр түн, кандай түн жакшы,
Кезигип ага ким жатты.
Кудайдан тилеп жакшылык,
Көңүлдү канча жыргатты.

Кадыр түн, кандай түн жакшы,
Калдайып канча сүр жатты.
Кадырын билбей мурунтан,
Кайрылгыс канча күн батты?!

Кеч болсо дагы кеч дебей,
Кеткенди кейип эстебей.
Кадырын барктап туялы,
Өткүндү кайра тескебей?!

Кадыр түн сулуу түн болсун,
Өмүргө өчпөс түр койсун.
Кадырын, баасын биз сезген,
Жакшы тилек чоңойсун.

Тилегин тилеп кубансын,
Ойлоруң ойго улансын.
Кадыр түн, сенин артыңдан,
Жакшылык гана чубалсын.

Туйганың тунук башаттай,
Турмушуң болсун акактай.
Кадыр түн, өзү асыл түн,
Жана да жаркын адаттай.

Жыл сайын келгин кашыма,
Жарашып атың затына.
Кубана тозуп чыгайын,
Жылдыздай болуп чачыра?!

* * *

Убададан тайбастан,
Жакшы үмүттөн жанбастан.
Келчи ырлар, суу кечип,
Колдорун бек кармашкан.
Тоо желине тотугуп,
Келчи ырлар, тоо жактан.
Калем, кагаз дапдаяр,
Мончок тагып мойнуңа.
Бото көзүн жайнаткан,
Келчи ырлар, кечикпей,
Дабан менен чарбактан
Шарын угуп өзөндүн,
Шаңын күүгө арбаткан
Келчи ырлар, келе гой,
Те-е дабандан кар баскан
Жорголосун калемим,
Оң колуман тайбастан.

*20.12.2001.*

* * *

Жүрөгүмдө бөксөрбөгөн кайгым бар,
Ачык айтсам, менин дагы айбым бар.
Силер менен улуу-кичүү замандаш,
Ийри отуруп, түз сүйлөшүп алгым бар.

Силердин да төрттөн эмес көзүңөр,
Бир аз ашык, бир аз кемдир эсиңер.
Сүйлөшөлү кара кылды как жарып,
Акыл калчап кепти кептей жечүлөр?!

Колдор дагы, сенде, менде экиден,
Баш ийинде мойнубузга бекиген.
Ачыгын айт, мен да актан жарылып,
Чын дилимден сырдашууну өтүнөм?!

Депутаттар, эл шайлаган силерди,
Бул чындыкка эч ой болбос күмөндүү.
Эки колду мага гана көтөр, - деп,
Бир, эки эмес, оңго бөлгөн бүт элди.

...Убада сөз дабандан да бараандуу,
Аны коштоп арак, акча таралды.
Жана дагы жоро-жолдош кесиптеш,
Мындай койгун, кошумчаны, саламды.

Оо депутат анан кантип барк калсын,
Тазамын,– деп тике карап айта алсын.
Айдан ачык тургандыктан көрүнүп,
Аргасыздан башыңды да чайкарсың.

Алтын сөздөн, асыл ойдон салмактуу,
Намыс, ардан, ак мээнеттен ардактуу.
Эки бутуң үзүлгөнчө чуркаткан,
Тапкан олжоң депутаттык мандатпы?

Түн уйкуңду, үч эле эмес жүз бөлгөн,
Көз илинсе, ошол замат түш көргөн.
Жеттиң эми, таңдай кургап максатка,
Өзүң менен бар байлыгың түт келген...

Жашыргым жок, жүрөгүмдө кайгым бул,
Ал анчалык айтпай турган эмес сыр.
Кимдигиңди, элге деген сөз чынын,
Баалап-бычаар алдыдагы беш жылдыр?

Ооба жылдар, сынчы жана тараза,
Силерге алар, иересе да аласа.
Ушул гана сөз тазасы, кеп чыны,
Өзүң, көзүң, ишиң ага жараса.?!!

*2.13.2005-жыл.*

## 2009ГА КАЙРЫЛУУ

Кайып кетти, үч жүз күнүм сенде өттү,
Элүү күнүм жана канат терметти.
Буюрса аттайм, босогосун тогуздун,
Бирде кермек, бирде татып шербетти.

«Жакшы тилек, жарым ырыс» дегендей,
Келе койгун акылмандай, чебердей.
Келгениңе маңдай жара кубанып,
Жарыктыкка берсем экен теңдей.

Жана дагы көп өлкөдөй, көп элдей,
Тогуз булак, тогуз башат дегендей.
Тогуз деген кыргыз үчүн кыйла ыйык,
Тогуз тоодон агып келген өзөндөй.

Жана дагы тогуз кабат ой жагып,
Ага кошо тогуз гүлдү колго алып.
Токсондогу карыяны куттуктап,
Бата сураим, тилек сураим албырып?!

Кел тогузум, улуу тоодон агып кел,
Жашка мээнет, жакшыларга багыт бер.

Сен билесиң, сени менен көп билет,
Алды жакта бар экенин толо иштер.

Ооба, жылым кан Бакайдай тогузум,
Ашуу арбын, жана басаар жол узун.
Жеп-ичкенге тогуз айып төлөтүп,
Тилек бирөө жайлуу болсун конушуң,

Ооба, жылым эр Кошой бол акылман,
Жыйнай башта кыргызымды чачылган.
Дүйнө үчүн элин саткан эпчилди,
Тойбос көздү, ала көргүн алкымдан.

Ырым болгун, ыйым болбой тогузум,
Укурук бол, ыймандуута колу узун.
Суусамырда, Ак-Сай, Арпа, Алайда,
Да арбытсын, төрт түлүгүң конушуң.

Күлкүм артып, күйүтүмдү унуткар,
Жылып кирсин жылуусу артып
жылыштар.
Жыйырма төрт саат жарыгы
өчпөй үйүмдүн,
Күндүз кечке, түндө дагы күйүп кал!?

Жүзөгө ашсын өзүндөгү тилектер,
Канат байлап кыргыз деген жүрөктөр.
Тогуз ыйык, тогуз аттуу жыл улуу,
Ырда акын, тартып калгын сүрөткер?!

Саа кайрылам, менде тогуз тилек бар,
Ага катар жана токсон күрөш бар.
Сенде дагы элде тилек токсон миң,
Тилек жакшы, сен тогузум кел аткар?

Эки миңдин тогузун тозуп чыгам,
Тогуз сени көптөн-көп тозуп турам.
Айтар салам жүрөктөн бирөө гана,
Түрүң менен, төрүмө өт,– ашыкпаган.

Ар аптасын, ар айын ачып турам,
Ар бетине жазарым жазып турам.
Айланайын тогузум токтоо тарткан,
Көп жобуроо чынында ашык буган.

Андан көрө сөзгө эмес, ишке өтөйүн,
Кыйтык жерин кың этпей түзөшөйүн.
Колуман келээр экен дагы канча,
Жеңилдене син, бир жүрүп иштешейин.

Иштешейин тиштешүү болбосо экен,
Ак тилекти Кудайым колдосо экен.
Кризистер туш-туштан жабалактайт,
Жесе дагы, жей берип тойбос нечен.

Эрте туруп агарган таң тозоюн,
Жакшылыгын жадырап колдошоюн.
Жаманчылык болсо да, аз болсо экен,
Көрбөсөм экен анын тулку боюн?

Кел эки миң тогузум тоодон түшүп,
Кышкы аязда тоо-түздө турба үшүп.
Тогуз санын кыргыздар ыйык баалайт,
Калса экен-ов, өзүңдө кыйла иш бүтүп.

Мен да сенден кыйла иш бүтүрөйүн,
Балдан сунуп, кымыздан ичирейин.
Бур-бур эткен ак нандын жытын искеп,
Он тогузга чыккандай күч үрөйүн.

Ал – күчүмөн арам ой сүрдөп турсун,
Жадыраган жакшылык сүйлөп турсун.
Мага дагы, ырыс, кут жалпы журтка,
Байчечекей гүлүндөй гүлдөп турсун.

Оо тогузум, кыйырың тогуз болсун,
Тогуз ирээт кайырган комуз болсун.
Анда эмесе буйдалбай түз өт төргө!
Менин төрүм, эл төрү түбөлүк
конуш болсун?!

*28.12.2008.*

* * *

Ала-Тоо керилесиң, керилесиң,
Ой күүлөп, кыйла ойго чөмүлөсүң.
Бир боору Ата конуш кыргызымдын,
Эч нерседен керек эле кемибешиң?!

Антсе да боюң түзөп керилесиң,
Кыялдын кым-куутуна чегинесиң.
Ала-Тоо боюндагы далай сырды,
Жашырып жаткан сымал көрүнөсүң?!

Асыл тоо бир өзүндө баардыгы бар,
Кылым көчкөн кыргыздын тагдыры бар.
Үмүт оту өчпөстөн жанып турган,
Рух сымал кемибес байлыгы бар.

Ала-Тоо күн тийбес тескейиң бар,
Далай сырды айттырбай чечмейиң бар.

Чокулары сайылып көк асманга,
Боз булутту чекеге чертмейиң бар.

Ага шайкеш миң кыял тамашаң бар,
Күлкүнүн күлкүсүнө жанаша алар.
Кабагым бүркөлгөндө сага жетип,
Тозот илхам кубаныч жарата алар.

*29.12.2009.*

* * *

Булутун жаздын кыргыздын,
Турушун жаздын кыргыздын.
Сулуусуна суктанып,
Сөз менен айкел тургуздуң.
Сары-Челек, Талас, Көл дедиң,
Келбети дедиң кыргыздын
Кеңдиги менен марттыгын
Кебелгис сөзгө сыйгыздың.

Калтырып өткөн ишин көр,
Сейдаалы, Жусуп, Мидиндер.
Элинен чыккан асылдар,
Эл ишин кылган жигиттер.
Ар кими чоку өзүнчө,
Ар бири чыгаан күлүктөр.

Жана айтып кемтик, кемиңди,
Жакшына, жаркын, төбөңдү.
Айта алсаң ырда Бакемче,
Ала-Тоо, аска белиңди.
«Күчтөнтүп сүйүү көөрүгүн»
Борсойгон кызыл эринди.
Мыкты акын болсоң кал кошуп,
Кымча бел, сулуу периңди.

Кыялга кыйла жакыны,
Кыргыздын кымбат акыны.
Алтымыш асый, алыс жол,
Артыңда калып жатыры.
Көрсөтүп келет көп жылдар,
Чоң устат кандай басыгы.
Бийиктет дагы бийиктет,
Байдыке дагы атыңы!

*20.02.1993.*

* * *

Курчуган акыл жүрөктөн,
Курчуган адам күрөштөн.
Курчуна болот тилинип,
Кулпуна кызыл гүл өскөн!?

* * *

Табигат чебердигин, берешенин,
Азыр кар, нар жагында терезенин.
Ал кетип анын орду жашыл болмок,
Жакында, сүйкүмүнөн жаз эненин.

* * *

Кереметтин борборундай,
Келечектин жолдорундай.
Мен өзүңдөн үмүт үзбөйм,
Жазылуу далай кыял.
Жазылуу борошо да, жамгыр дагы,
Кыпкызыл алма дагы, кылыйган
чамгыр дагы.

Жасалмасыз болгонундай,
Шаңында көлдүн болом,
Шарында желдин коном.
Жамгырдын дыбыртына кулак төшөп,
Кучагында төрдүн болом.
Кайтарып кой, айдап жылкы,
Бардыгына көндүм болом.

Тепкичтерде бийиктеймин,
Чуркайм, басам күйүкпөймүн.
Бул жашоонун күндөрүндө,
Мен да анын бир жеринде,
Чимирилген ийиктеймин,
Ансыз өмүр улам кечтеп,
Ансыз күнүм текке кетмек,
Ал андыктан,
Табындагы күлүктөймүн!?

Тартам сүрөт заманыма,
Анын албан барагына.
Болгондугун кандайлыгын,
Кана достор карагыла?!
Толор бекен, санам сансыз
Көргөндөрдүн сабагына
Жакшы болсо, жакшы дегин
Начар болсо, айтчы жөнүн
Келбейт дегим «Аягыла!?»

Тоолорго чыгып келем,
Тоодой сөз угуп келем.
Түздөрдө болуп келем,
Түздөрдөй толуп келем.
Турмуш деген чоң поезддин,

Купесинде конуп келем.
Сапарым санаа сымал улам жылат,
Сапарым күндөн айга улантылат,
Экинчи бир-бирине кезикпеген!!

Жок менде эч күнөм,
Максатым жүрөктү тепчиген
Бардыгы бир гана сөз үчүн
Ал дагы келаткан эскиден
Кызмат кыл сүйүктүү калк үчүн,
Кызмат кыл, Мекендин даңкы үчүн!?

Андыктан заманыма,
Анын албан барагына.
Жазам ыр, тартам сүрөт,
Күчүмдү үрөп.
Жараша жөндөмүмө, абалыма,
Кандай болду,
Жаманын, жакшысын,
Кана дос, кана өзүңөр карагыла.
Мына аз калды,
Түн түйшүгү аяктап,
Албан таң агарууга?!

*3.03. 1978.*

* * *

Ар дайым, сезим ысык, сезим ысык,
Ар жанды көрүп турган көзүм ысык.
Жарашыгы жаз, жайдай жадыраган,
Алда келер күттүргөн кезим ысып!?

Ар дайым, кыял ысык, кыял ысык,
Түз, тик тоодон жалганган уяң ысык.
Суктандырган сугуна жок го ченем,
Сугум артып кеталбай турам ысып.

Ар дайым, ойлор ысык, ойлор ысык,
Болбогону жана да болгону ысык.
Анын баары бир адам денесине,
Баткычакты күчүнө толгону ысык?!

Ал ысыктан жаралган дабан бийик,
Аны менен алыш-бериш заман бийик.
Эмгегиңди жүктөнүп кезгин сапар,
Жер-эненин үстүндө аман жүрүп!!

Аман жүрүү чоң олжо айтып болгус,
Жана мээнет, ал эрдик алып койгус.
Талантыңды өргө чап бакыт ошо,
Тамшанышсын ичи тар, четин ойгус.

Баарынын башындагы өмүр ысык,
Көз жаштай тунук, туйгуч көңүл ысык.
Турса экен бийик, кулук, билим сулуу,
Баары менен, баарына жуурулушуп?!

* * *

Жазып калчы калем барда,
Ойлоп алчы чамаң барда.
Жаа сыңары учсун кыял,
Өмүрдү сал баяндарга...

Ой сүйкөнсүн жашылдарга,
Алгын, ме,– деп акындарга.
Көл кылаалай кечке жүрүп,
Гүр-шар эткен күүсүн ал да!!!

Ырга кошкун, күүгө черткин,
Жан-жагыңды сүртүп өтсүн.
Жакшынакай сап жаралсын,
Жүрөк оту жалбырт этсин!?

Тигине тоо, тигине асман,
Тигине түз, шибер баскан.
Ой-кыялды кондур, учур,
Ылаачындай кызый учкан.

Зоо тигине, жай сурабас,
Чоң таш ана, калтырабас.
Ырга салгын ушу экөөнү,
Түндү жарып жаркырабас!!

*3.01.2007-жыл.*

* * *

Мына ушинтип келүүдөсүң,
Узак сапар чегүүдөсүң.
Жазда жааган сары кар окшоп,
Күн жылт этсе эрүүдөсүң!

Тегеренем жер шарындай,
Чырк урасын сен жаңылбай.
Тегеренет бүткүл дүйнө,
Тегирмендин парасындай.

Чечип жана чечпей турам,
Өтүп жана өтпөй турам.
Кана ойлонуп эмне айтасың,
Мен кашыңдан кетпей турам!

* * *

«Кыргыз көчү» кыргыз атам чыгарган,
Те-е байыртан келе жаткан көч го бу?
Кана угалы, кайра чертип угарман,
Коё туруп майда-чүйдө башканы...

Жөн куу эмес Арыстанбек күүсү бу,
Кара күүлөр катарында караандуу.
Ыргакты сез, муздабаган жылжылуу,
Жана туям, сын-сыпатты, жамалды.

Көчкөн элдин жол сапары да алыс,
Күүгө салган Арыстанбек бир устат.
Учун улоо, эмес капыс жаралыш,
Анда эмесе ушул күүнү ук, тынша.

«Кыргыз күүсү» бир тарыхы
кыргыздын,
Ырдап турган ыйлап турган кылдары.
Ыргагындай улуу көчүн турмуштун,
Салт-санаасы жанга бүткөн ыйманы.

* * *

*Өрнөктүү өмүр баштаган,*
*Артына нуска таштаган.*
*Акылмандын белгиси.*
Арыстанбек.

Аласылып жылдар өттү канчалык,
Өттү күүлү, далайы өттү чарчанып.
Дабандардын бийигине чыгам да,
Минип келген атты коём каңтарып.

Турган жерим булуттардын түнөгү,
Көздөй жерим, көөдөнү кууш, суз өңү.
Дир-дир этип ичиркентип шамалы,
Кан ичкендей кайгы баскан ирени.

Тарых өттү... ары менен намысы,
Ыры менен, ыйы менен кагышы.
Күүгүмүндө жана таңда агарган,
...Чатыр-чутур күйгөн оттун дабышы.

Караңгыда карайлады ээндик,
Капшытында кайсалады өмүр бут.

Жылчык кайда, жарык шоола канакей?
Кана жашоо, жагым менен жеңилдик?

Бошоп күндөр, бопбоз айлар жаңырган,
Өтүп жатты китеп сыңар окулган.
Буудан болсо күрт-күрт этип чөп чайнап,
Акыр жактан ээсин күтүп токулган.

Мына ушундай кайта жангыз кечээки,
Баспагандай дайра бойлоп сен эки.
Бир нускасын артка таштап акылман,
Мурас болуп жетти мына эсеси...

Анын бири Арыстанбек акындыр,
Ырдын пири, күүлөргө да баатырдыр.
Ыр нөшөрүн төгүп-төгүп өткөндө,
Ээ-жаа бербес селдер, селдей
ташкындар.

*22.03.2002-жыл.*

* * *

*Топтолук бүтүп төрөр күн,*
*Толгоосу бышып энемдин.*
*Үстүндө туулган экемин,*
*Үй жечү саман-өлөңдүн.*

Б.Сарногоев

Чындыкты болбос төгүндөө,
Беш кило болуп кеминде.
Бакырып жерге түшүпмүн,
Өзүмдүн эле жеримде.

Ал жер да шаар четинде,
Таң эмес, таптак кечинде.
Жарыкка келип калыпмын,
Бардыгы турат эсимде?!

Кудайдан катар суранып,
Атакем жүрөт кубанып.
Энекем жатат диванда,
Жайма-жай үнүн чыгарып.

Чоң атам шашма жан эле,
Чарбага абдан кам эле.

Чоң энемден дайын жок,
Ичи анын кыйла тар эле.

Уй жечү саман-өлөң жок,
Байкем да жана жеңем жок.
Кетишти кайда кабарсыз,
Тайатам жана тайэнем жок.

Көзүмө кирчү саман жок,
Өлөңдөн ыпым кабар жок.
Дарыгер жүрөт жай басып,
Алардан башка адам жок!!

*30.12.2008.*

* * *

*Кай дарак кандай бүрдөөрүн,*
*Кай жемиш качан гүлдөөрүн.*
*Толук талдап үйрөнөм,*
*Тоо чөбүнүн түрлөрүн.*

А.Токтомушев

Кай дарак кандай гүлдөөрүн,
Көрсөм да көбүн билбедим.
Атын да таппай алчанын,
Вишня болду бир сөзүм.

Тоо чөбүн кой, ой чөбүн,
Аз билем анын жөн-жөнүн.
Кулпунай дебей клубника деп,
Орусча айтып тергедим.

Мичурин-багбан эмесмин,
Буларга келбейт теңешким.
Аларды коюп мен акын,
Айтайын сөзүн бөлөктүн.

Дарактай ырым бүрдөсүн,
Айгүлдөй гүлүм гүлдөсүн.
Ар бирин атын так атап,
Кыргызча кыргыз сүйлөсүн.

Жөнү жок аны билбешим,
Керекпи ага күйбөшүм.
Болбосом багбан болбоюн,
Баламды керек бил дешим.

* * *

*Эстуулөр көтөрсө дейм элдин жүгүн,*
*Ээрчитип элди артынан кимин бүгүн?!*
*Кылымдын кыйырына чыйыр салчу,*
*Кыргызыдын кыраандары кана кимиң?*

Б.Алыбаев

Айланайын Биримкул күйгөнүңө
кошулам,
Мен да сендей азап тартып отурам.
Жыйырма эки жыл оодарылып өттү бат,
Эртеңди эстеп заманымдан чочунам.

Бул эмнеси, эмес белек тектүү эл,
Ушунча жыл неге чыкпайт эстүүлөр.
Жусуп менен Искак менен бүткөнбү,
Эл тагдырын, көп көйгөйүн чечүүлөр.

Элди артынан ээрчитүүлөр ким депсиң,
Акын сөздү карыя үчүн сүйлөпсүң.
Бул суроого сөзсүз сенин акың бар,
Жана акындын бул милдети милдеттин.

Мен да даяр, кыраандарын колдоймун,
Ушул сөздү эң жөндүү деп ойлоймун.

Экөөбүздүн ой-тилектер бир чыкты,
Эрдин ишин, эл мүдөөсүн коргоймун.

Кайда кетти экөөбүздө жакшы үмүт,
Эл жегичтер каптап кетти калкты бут.
Эй, эстүүлөр кайдасыңар, айткыла,
Алып чыгат силерди эми канча күч?

Эй, эстүүлөр, жашырынбай чыккыла,
Биримкулдун бул чындыгын уккула!
Чыккыла да, жол баштагын ээрчитип,
Алдың тоскон алдамчыны жыккыла?!

Кыргызымдын бириңер да, жүзүңөр,
Чындасаңар жетээр деймин күчүңөр.
Эй эстүүлөр, жана дагы эстүүлөр,
Учур келди туура жолго түшүңөр?!

*18.01.2012.*

* * *

Бактан чыгып батыш жакка алдык бет,
Үйгө баруу, ишке баруу керек деп.
Чоң көчөдө жай кадамдап келаттык,
Жакшы кыял, жаркын ойлор элестеп.

Чындыгында эч ойлобос ачык кеп,
Ким болжоптур акча жолдо жатат деп.
Аңгыча эле көзгө урунду бир нерсе,
Ойго кеттим, бул бир жаткан кагаз көп.

Көз жиберсем кагаз эмес акчадай,
Алдым жерден алыс кадам аттабай.
Карап көрсөм 200ү кыргыздын,
Койсом деле болмок аны тактабай.

Эки жүз сом үчөөбүзгө кабылган,
Келе жатып жол боюнан табылган.
Бак аралап эки саатча биз жүрүп,
Учур эле сергек сезим жагылган...

Кимдин гана чөнтөгүндө жүрдү экен,
Кандай жандын беш манжасы тийди экен?
Эки жүздү каплеттен түшүрүп,
Кимдин гана ичи өрттөнүп күйдү экен?

Оо эки жүздү акча дебейм анча арбын,
Жол жээгинде жатканына таң калдым.
Кокусунан, түштү капыс суурулуп,
Бир байкушту мүмкүн нандай каңтардың.

Не болсо да жол боюнда көп баскан,
Акчасыдыр жаш жигиттин мен тапкан.
Мүмкүн болсо акча менен ойногон,
Бир шылуундур көптүн көзүн
жайнаткан.

*23.03.2009.*

* * *

Адамзаттын акылынан жаралган,
Ачылыштар тамырынан дан алган.
Сен телефон сен үйдөгү бир буюм,
Сен болгондо жутабаймын кабардан.

«...Алоо, алоо» угуп жаткан мен деймин,
Кээсине «сиз», а көбүнө «сен» деймин.
–Анын ырас жакшы иш баштап коюпсуң,
Кеңешели кечинде үйгө кел,– деймин.

Ал колунан далай орчун иш келет,
Алыс, жакын баарын бирдей бүткөрөт.
Ал гана эмес уктап кетип кээ бирде,
Эстен чыккыс жакшынакай түш көрөт.

Кабар келет, мен да кабар билдирем,
Сүйүнүчкө жүрөк толкуп сүйдүрөм.

Мен эле эмес «Алоо, алоо» деп турат,
Неберем да, ар мүчөсү үй-бүлөм!

Далай жүгүм, көп убарам басаят,
Кыйла кызмат ал аркылуу азаят.
Ал бар үчүн бүгүн чыкпай сапарга,
Турганым чын бүгүн дагы ат аяп.

*9.10.2009.*

* * *

Толук эмес, келе электе таң да атып,
Эрте чыктым адатымды карматып.
Көптөн тааныш Аламүдүн дайрасы,
Тыным албай, тилин жатты сайратып.

Агып жатты аккан сууда айып жок,
Алибетте, сүзүп жүргөн балык жок.
Күндө таңга ушул жерден кез болом,
Бу чөлкөмдү кайтарчуга мен окшоп.

Те-е жогорку бүтпөй калган каналга,
Куруп баштап социалдык заманда.
Ага жетип туш-тушума көз салам,
Аба ырайы жана башка абалга...

... ушул жерде буурул булут, ак булут,
Ушул жерде тойгон булут, ач булут.
Баары даана: «Мен мындамын»,–
дегендей,
Бирде ыйлап, бирде турат каткырып.

Асмандагы жарык жылдыз жай тарап,
Күндү тозот, нурду тозот чар тарап.
Аңгыча эле күндүн нуру жайылып,
Түш тарапка сулуу жарык даң салат.

Аламүдүн сен бир дайра шар аккан,
Агып келип тиги тоолор тараптан.
Көптө болбос, көчтө болбос күчтүү сен,
Кантип таап жана алгансың каяктан?

*24.01.2009.*

* * *

Толкуп жатты, толкуйт деген ушу да,
Эл толкуса толкуйт аска учу да.
Андан берки талаа-түздү коё кал,
Толкун доошу тегеректи утууда.

Далай ханды тактысынан кулаткан,
Далай бекти дареги жок сулаткан.



Келе берген ошол толкун токтобой,
Кечээ эле эмес, келе жатат эбактан.

Мезгил учуп кумдай сансыз чыккан күн,
Мезгил сызып ким утулуп, уткан ким?
Ит жыгылыш капилеттен кан жутуу,
Далай жүздүр, ал гана эмес далай миң.

Ана-мына жылып келген жыйырма бир,
Өзү менен, өңү менен миң бир түр.
– Төргө чык,– деп жол бошотту урматтап,
Тилеги ак, далай-далай күнү өткүр.

Ооба, ошентип артта калды далай жыл,
Жаз жыттанып, күз курчанып ашты кыр.
Үч миң жылдын учурдагы сегиз жыл,
Кандай өттү, сыпаттоочу сөз бардыр?

Сыпаттоочу чындыгында сөз арбын,
Сыпатында кимдер дебейт: – Мен бармын!
Алп канаттуу, алп таланттуу сегиз жыл,
Деген өңдүү: – Мен жыйынтык чыгардым!

* * *

Жылып келген, күн, айындай жай
ылдам,
Ооба сегиз, жыл тагдыры кабылган.
Оор, жеңил турмуш менен жашады,
Тайбай жана үмүт, күтүү, сабырдан.

Чексиз үмүт, үмүт таза ак кардай,
Үмүт күчтүү үй кура элек жаштардай.
Үзүлбөдү, үшүбөдү бир пас да,
Ал уланып айтып бүткүс дастандай.

Бүтүүсү да, күтүүсү да алдыда,
Күн көрүү үчүн кара жанын карч ура.
Жашап келди төрүнө өтүп сегиздин,
Кыйналса да көрөр күнү бар тура?!

Деди кыргыз ата-баба чыдамын,
Коркпой баарын мойнума алып турамын.
Болот деген бүленбесе курчуйбу,
Деген сөзүн кайра укту кулагым?!

Калайык-калк жакшылыкка үмүткөр,
Суудай таза, тоодой бийик үмүттөр.
Кыйлаларын өткөн кеңеш жаратып,
Даңкан таштап далай чыккан күлүктөр.

Анын баарын атагым жок бир баштан,
Атай келсек ар бири эле бир дастан.
Ошол заман бир келди да, бир кетти,
Орун ээлеп түбөлүккө турбастан.

* * *

Кемчил жагы ар бир сөздү кыйкымдап,
Көбү көңдөй сырты гана жылтылдак.
Жашасында бир айтбастан миң айтып,
Көчө толо майрам өтчү кылкылдап.

Болуп туруп, доорун сүрүп ал кетти,
Жаманын да, жакшысын да көргөздү.
Аңгыча эле койнун ачып эгемен,
Күтүүсүздөн өзү кирип келбеспи?

– Келгиниң,– деп карап турдук тандана,
Карай бердик далайыбыз жардана.
Кандай болот эр эгемен дегиче,
Жай кадамдап канаттарын жайды ана.

Көрүп алгын байлык десе шашканды,
Бу жагынан накта жарыш башталды.
Бөлүп жатты жерди, малды, тоо-ташты,
Бир бөлүнгүс, көк желкеде чач калды.

Жылдагыдай, көгүн, чөбүн бүрдөтүп,
Жаз жаркыды талаа-түздү гүлдөтүп.
Жүзөгө ашкан жана ашпаган далбастар.
Алган сынар анттташып да, сүйлөшүп.

«Калп казаны кайнабайт» – дейт элибиз,
Калп го дедик ой жүгүртө муну биз.
Айрым казан айнап жатты боркулдап,
Ишенбесен карап өзүң көрүңүз?

Жаныбектер байып жатты бапырап,
Шарак-шарак шампан үнү атылат.
Ал гана эмес жетим өскөн Жээнбай,
Эки көзү төрт көз болуп чачырап.

Жаныбектер, Калысбектер кайкалап,
Ак жакасы, ак чепкени жайкалат.
Эгеменге кошо келип чоң байлык,
Бул экөөнө кең-кесири чар тарап.

Кандай болду берки менен наркысы,
Калпка тийбей Кайырбектин камчысы.
Шыйракка тээп чыркыратты чындыкты,
Тынбай конуп сакасынын алчысы.

Андай ишке Түркөбайлар түрүндү,
Каргабайдын кандайлыгы билинди.
Маркабайдын мурду турду дердендеп,
Субанкулдар, Сагынбектер сүйүндү.

Токтобайлар, Төрөбайлар төргө өттү,
Ким экенин Кенжекара көргөздү.
Үч, беш жылда төргө чыгып чокою,
Дердендетти эгемендик Дердешти.

*20.04.2006.*

* * *

Бийлик, бийлик билинбеген, билинген,
Көрүп турам соймоңдогон тилин мен.
Аны коштоп даңктоо жана мактоолор,
Кара чымын кызыл тарпка үйүлгөн.

Бийлик, бийлик багындырган, багынган,
Далайлары далбас уруп жагынган.

Арманы анын жыргалынан аз эмес,
Катын сымал кара жоолук салынган.

Экендигин айтып турам ырымдан,
Мезгил менен элим үчүн зарылдан.
Эгемендин он сегиз жыл ичинде,
Канча окуя болду калкым кабылган.

Мөлтүр суусун Ала-Тоомун татышкан,
Тоо, түзүндө кыргызмын деп басышкан.
Мына эмесе, экинчи ажо «бидай»,– деп,
Чындап эле чыккан тегин табышкан.

Манас ата, бу шумдукту укпаса экен,
Уктап келген дагы эле уктаса экен.
Кудай сакта бүгүнкү Баланчаевич,
Кытай, калмак, же дунган
чыкпаса экен?

Табылды, Балбай, Тайлак укпаса экен?
Жаткан көрдөн тирилип чыкпаса экен?
Балээ болуп бүгүнку такта отурган,
Түпкү теги украин болуп чыкпаса экен?

*29.10.2007.*

* * *

Түшкө кирген суу – дайра,
Демек ал, өмүр – дайра.
Агып жатты жай сайда,
Көз алдыда дапдаана.

Түшкө кирген үчтүн айда,
Чоңдон эмес чакан дайра.
Келет агып тоо койнунан,
Күү чыгарып коюп улам.

Алыс кетким жок андан,
Шыңгыр үнгө тоюп улам!!
Түшкө кирген суу дайра,
Демек, өмүр да аккан жайда.

Деп жорудум токсонду таяп,
Барат экем кыйла жыл санап.
Такалбай ажал аттуу жарга!?
Ошондой болсо ээ атаганат?

Бул жакшы түш, өмүр суу,
Бул – жашоо жазылчу жаңы барак.
Токсондун сегизине чейин,
Талыбаган Кусейин ата атаганат.

Бардыгы Кудайдан дешет элибиз,
Мунун акыйкатын ким танат??
Түшкө кирген суу – дайрада,
Өмүрдүн өчпөс оту сыяктанат.

*2.07.2007.*

* * *

Жылдар жылып өзгөргөндөй сезилди,
Бир кездерден көп башкача көрүндү.
Кой жылынын айтылуу август айында,
Көптөн бери бир баса элек жеримди.

Араладым аста конуш баягы,
Тоосу тоодо, түзү түздө аягы.
Чындыгында ажыратуу кыйындай,
Окшошобу кырк жыл соңку баяны.

Суусу суудай агып жаткан арыкта,
Баягы күү, шыңгыраган табышта.
Чөптөрү да узун-кыска миң түркүн,
Мурдагыдай жай саратан калыпта

Тигинде жар, тигинекей кой таштар,
Көзгө сүйкүм көрүнүшү ой баштар.
Андан өөдө бийиктеген бел-белес,
Бир учурда, бу күнүмдөн жол баштар.

Аны ээрчип кызый-кызый басамын,
Бийиктикте мен баруучу сапарым.
Чуңкур-Төрдөн, андан өөдө Көк-Сайга,
Бала кездей кетип бара жатамын...

*10-сентябрь.*

* * *

Жер-Эне кантээр экен, кантээр экен?
Жер дүйнө турган бойдон, турса экен.
Адамдар жашап жаткан көп миллиард
Күн менен жер күчүндө жашаар бекен?

Жашаар бекен, түбөлүк турар бекен,
Бейиш сыңар жашоону курар бекен.
Же болбосо өнөр-ой өрдөй берип,
Бир кырсыктын ичинен чыгаар бекен?

Жатаар бекен, акыры күм-жам болуп,
Катар бекен тоо-талаа муздай тоңуп.
Жер – дүйнө жылып барат,
жылдар өтүп,
А мүмкүн өрт каптайбы алоолонуп.

Жоок андайдан Кудайым өзүң сакта,
Жыргаган аз, жашоо оор, ушул тапта.
Баары тегиз өлгөн жатат дегим келбейт,
Турат көл, турат талаа, турат аска.

Ушуларды Жараткан кут кылса экен,
Ойлоорго баш, басаарга бут турса экен.
Эң башкысы Жер-Эне ысып, суубай,
Көрк турса экен, жагымдуу жыт
турса экен.

Таң турса экен, таалимчил кеч турса экен,
Чексизмин деп чен билбей көк
турса экен.
Адамзаттын жаманын бүт көтөргөн,
Жер-эненин соолугун кут кылса экен!

Кут кылса экен тоо-ташты,
мухид, көлдү,
Тынчтык бербей туйлаган эрке желди.
Кут кылса экен кумары тарабаган,
Булбул таңшык, бузулгус булак үндү?

Кут кылса экен Жер-ата акылыңды,
Жаңылып бир жазбаган басыгыңды.
Леп-леп соккон алоолу жүрөгүңдү,
Күлкүңдү жана андагы ый-муңуңду.

Жер-ата, ата дейин, эне дейин,
Сен менен тегиз менин телегейим.
Өзүңдөн өмүр сузуп жарык күнгө,
Ар бирин не асылга теңебейин.

Баарына өзүң тең да, улуу Күн тең
Табышмагы жаңыргыс улуу түн тең
Көп миллиард адамзат тагдыры деп,
Кирпик какпай келесиң мен билгенден.

Жандар канча үстүңдү үйүр эткен,
Колтугуңду, койнуңду дүбүрөткөн.
Адамзаттан алардын саны көптүр,
Өөдө-төмөн өмүрдө жашоо кечкен.

Аты түркүн, атындай өңү түркүн,
Боюу эле эмес, келбети, өзү түркүн.
Жалпы ат берсек чогултуп ал өсүмдүк,
Баары кызык, баары тең көзгө сүйкүм.

Баарын, баарын бар кылган, миң
кыр кылган,
Бир керемет, миңинде, сыйкыр турган.
Жер-ата сенин бул чексиздигиң,
Жалгыз гана ушул кут сага сыйган?!

Алыстан, те-е космостун тереңинен,
Толгон айдай шаңыңды көрөмүн мен.
Капырай,– деп ой жором аң-таң болуп,
Муштумдан да кичине көлөмүңдөн.

Кең ааламда сен эркин бир жылдызсың,
Жер-ата сен бирисиң сан жылдыздын.
Миң жылдарга өмүрүң да узарып,
Татыта көр бал даамын бул турмуштун.

*26.10.1997.*

## САЛБУРУН

Улуу тоонун ой-кырында,
Жаңы ойгонгон таң сынында
Бүркүт кой бер, тайганды агыт,
Сапар тарттык салбурунга.

Бөксө тоонун ой-кырында,
Өтөк, өрүш, ар кырында
Күздүн таңкы салкынында.
Жол ачылсын, ээ жигиттер,
Сапар тарттык салбурунга.

* * *

Айланайын Бишкегим
Өмүрдөгү ак, көгүм,
Жарты кылым өзүндө,
Жашадым да, иштедим.

Кагылайын Бишкегим,
Канча сууңду ичпедим.
Бүт көчөңдү аралап,
Ошончо жыл бүтпөдүм.

Басбөлтөккө тирешип,
Келем сенде бир өсүп.
Убак учту бат эле,
Ай агылып күн өтүп

Жетип далай максаттын,
Бала таптым, жар таптым.
Өөдөлөтүп өмүрдү,
Өз колуңдан бал таттым.

Жана далай кут таптым,
Таалай менен жытташтым.
Бийик, жапыс үйлөрдүн,
Кыйласында уктапмын.

Да өмүргө дабан бол,
Бир бастырбай жаман жол.
Алтын шаарым Бишкегим,
Ак тилегим, аман бол!?

*10.10.2009.*

Нечен, нечен үйлөрүндү тиктедим,
Көчөнду да көп кыдырып бүтпөдүм.
Дал өзүндө күн кечирип кырк беш жыл,
Ошончо эле дал өзүндө иштедим?!

Өзүндө өттү аз эмеси айлардын,
Кеткис болуп өмүрлүккө байландым.
Чырмап алдын аппак жибек тор менен,
Демек, болбос алыстоого аргамдын.

Аргам жок деп келбейт бир да
даттангым,
Сени менен келет дайым мактангым.
Ооба антип айтууга да жөнүм бар,
Сенде жашап, сени менен такшалдым.

Мүмкүн баары өзүң берген demиңдир,
Кеп уласам бир керемет жериңдир
Маңдайымда кырка жаткан тооңдон,
Шаша келип жүз сылаган желиңдир?!

Шуулдаган терегиңдир, кайыңдыр,
Көп күттүрүп күлө келген жайыңдыр.
Жана сенде карагайдан канча түр,
Көзгө үйүр, өрүк, алма, талыңдыр?!

Сени Ай да, сени Күн да сагынган,
Сага кыял, сага арзуу багынган.
Көп көчөңдө аз баспадым бастым көп
Мен бир кулуң басып-туруп табынган.

*10.10. 2009.*

Сен да өсүп, мен да жашап келемин,
Басып-туруп сага маани беремин.
Таңдан туруп сүйлөшүүгө сен менен
Сүйүүм канбай күн өткөзүп келемин.

Жайда  өзгөчө жагымыңды сеземин,
Кышында да ызгаарыңды көрөмүн.

Кенедей да кемчил таппай түрүңдөн,
Сени бойлоп өөдө карай жөнөдүм.

Чордонундай канчалаган багымдын
Оң ыптасы Аламүдүн сайыңдын
Жетимиш жыл өсүп келе жатасың,
Бир дүйнөсү карагайдын, кайыңдын.

Ушул күнү, улуу күнү жазымдын,
Жумшак гана үнүн туям назыңдын.
Адатымча күн кечирген кез болуп
Бирин таптым өзүң сыңар жаз ырдын.

Жаздын сырын барын, жогун өлчөсөм,
Жаздын ырын издеп таптым сенде экен.
Айланайын асыл аймак бот... багым,
Көп биле элек, бейиш белем корсө сен!?

*20.03.2009.*

# ЭРКИНДИК БУЛЬВАРЫНА

Эчак кеткен закымга, жылдарына,
Эчак өткөн комуздун кылдарына.
Ой жүгүрткөн төрт мезгил төртүндө тең,
Кадам таштап Эркиндик бульварына.

Булут көчөт сулуудай сүзүлүшүп,
Бактар катар жоокердей тизилишип.
Жалбырагы калдандап учуп түшөт,
Кеч күздөгү бутактан үзүлүшүп.

Карап турат ортодо сергек келин,
Мен да карайм бутагын, сөңгөктөрүн.
Аяз жортуп бүт тулку кычырашат,
Аста туюп кыш жели терметкенин.

Булут болсо бийикте калкып турат,
Бу көрүнүш мени да тартып турат.
Чымчылабай ызгаары кышкы аяздын
Эмнегедир келиндей ызаат кылат.

Өөдө-төмөн адамдар шашат кайда?
Жай кадам да жок эмес ушу жайда.
Кыштын кыштай өзгөчө мээрим бар
Берешендик берүүчү ар бир жанга...

* * *

Жазмакердик ар жанга берилбеген,
Келбеси чын, жасанып, жеңил, белен.
Жана анда өң-келбет бир өзүнчө,
Жактары көп атырын себинбеген.

Мүчөсүнө жарашык кийим кийген,
Ал ажайып, чөп, желдин тилин билген.
Түлкусунда толкутуп өзөн шарын,
Аргымактай жүрүштүн күнүн сүйгөн.

Күнүн сүйгөн колуна жылдыз күйгөн,
Жеңили эмес, тагдырына татаал тийген.
Кылычына канды, бекти карайлатып,
Устаранын мизинде шамы күйгөн.

Бир жан жок го ага чын багынбаган,
Ар бир жан барына табынбаган.
Кара суудан кезинде калпып каймак,
Калпка түтөп, чындыкка жалындаган.

Жазмакердик бир эрдик билинбеген,
Жылтыр-жултур кийим да кийинбеген.

Ал өзүнчө бир адам элде жүргөн,
Жаманды көтөрүп, жакшыга
кулундөгөн.

Кулундөгөн, элим да, жерим деген,
Карды калың казы байлап семирбеген.
Анткени, ал бир жан топук кылган,
Дегенинен, бир айткан чегинбеген.

*20.11.2009.*

* * *

Жазып болуп калемиме таянып,
Ойлор... ойлор аста секин жай агып.
Бири түшсө ак кагаздын бетине,
Бири түшпөй, четке басат таранып.

Таранганы каяктандыр жолбунбу,
А чийкиби, ошол али солгунбу.
Же болбосо менден кетип каталык,
Капылеттен көңүл салбай койдумбу?

Кара жамгыр төгүп, төгүп басылат,
Асман сергий акырындап ачылат.
Ачылат да сүрдүү тиктеп көзүмө,
Сергек тарткан сезимиме баш урат.

Ошол төккөн, ошол күндүн жамгыры,
Жаңы ачкандай жагым ойдун сандыгы.
«Миң кыялдын», миң кыялы чертилип,
Айдап жатты ак сүт чачып кайгымы.

Жазып коюп, калемиме таянып,
Ойлор, ойлор ылдам дагы, жай агып.
Маңдайлаша калышканда экөөбүз,
Ал экөөбүз бир нерселер табабыз.

*10.12.2009.*

* * *

Бүгүнкү күн, жазылчу бир ак барак,
Бети толуп, толбой же ал жабылат.
Нелер өттү башыман, не иш кылдым,
Өтпөсүн күн кур-бекер дагы бат.

Деген ойду окуймун жана жазам,
Далайларды өткөзүп таразаман.
Бүгүн өтөөр айланып жыйыра төрт саат,
Сен кимсиң деп бир дагы карабаган.

Карабаган өзүнө-өзү таштан бекем,
Жана дагы сөзүндө ой бар нечен.

Кайран гана дыр берген 24 саат,
Бир келип, экинчи ал келгис экен?

Келгис экен сапардан кайтпайт экен,
Келгенин да, кеткенин айтпайт экен.
Жыйырма төрт саат бир айдын
бир барагын,
Ачкан бойдон адамдар таппайт экен.

Таппаганы ушу да кетти кайда,
Агын суудай чубалып акты сайда.
Кур-шар эткен доошуна кулак төшөп,
Күчсүзүмө аргасыз издейм арга.

Бүгүн да күн жакын дейт кетээриме,
Жармашам деп эртеңдин этегине.
Аны сезип, сезимим уйгу-туйгу,
Мына ушинтип өмүр күн өтөөрүнө.

*7.03.1997.*

## ЫР БАР

Ыр бар – обон шанданып,
Ыр бар – дүйнө жапжарык.
Жаз менен ыр келгенде,
Булбул сайрайт мактанып.

Ырга тоо да муюшат,
Ырды таш, кум туюшат.
Ыр жүрөктү толкутуп,
Ыр ызгаарды жылытат.

Каарданып сүр менен,
Кайда гана жүрбөгөн.
Каршыкса да кара ниет,
Сүрдөй түшөт ыр менен.

Жандай көрүп намысты,
Жакын кылып алысты.
Ыр бар үчүн дүйнөдө,
Ыр күлкүгө табышты.

Ай-ааламды түрдөттү,
Ашык жарды сүрдөттү.

Ыр түбөлүк жаш үчүн,
Ырыскыга бир жетти.

Ыр бар – жок да табылат,
Ырга баары багынат.
Ыр көп үчүн жергемде,
Жашоом дагы жаңырат.

## СЕН ЖӨНҮНДӨ ЫР ЖАЗАЙЫН ДЕП ТУРАМ

Ыр сабына өзүң кел,
Күргүштөсүн сезимдер.
Арасынан бирди-жарым тандайын
Сүреттөйүн көзүңдү
Кулагыма кайталайын
«койчу» деген сөзүңдү
Сен да актан чечил кел!!!
Сен жөнүндө ыр жазайын деп турам
Ыр тагдыры, ыр саптары өзүңсүң.
Келчи жакын мага илебиң сезилсин.
Сырдуу терең караганың.
Аппак манжа, салааларың

Азыр мага адамсың да, сезимсиң,
Ошол мага кулагыма шыбырап,
Чапкан чөптөй сөздөр катар жыгылат.
Алар дагы чөмөлөгө айланат.
Сен жөнүндө ыр жазылат.
Аны менен кенедей да иши жок
Ойлор, саптар, каз-канат,
Өзүң менен алексиң да, алексиң.
Болсоң дагы кыйла алыс,
Бир көз ирмем эфир менен жөнөткүн.
Ирмем гана, бир ирмемиң алайын
Мага гана керектин...
...Ушул кезде эмнелер бар оюңда,
Кимдер менен эмне бүтөп атасың.
Мүмкүн аткандырсың тазалап,
Келген жолдун, келген сапар катасын!
Сен жөнүндө ыр жазылат,
Келчү кыш да келип жетти акыры.
Жай ганакей сыртта кар жаап жатыры,
Ит жыгылыш ойлор менен алышып.
Кээ бирлер чыккысы жок карышып,
Аа айрымдар келип калат жарышып.
А сыртта жаңы кар,
Түшүп жатат шашылбай,

Асман булут, жай шекерин агытып.
Декабрдин ушул кечи,
Таптаза го таптаза,
Кандай болот ушу учурду жазбаса.
Жылуу алакан сылагандай чачыман
Жумшак эфир келип жетти акыры.
Декабрь, сен жана жаш кар үчөөңөр,
Үчөөңөрдө үч башка ой, үч башкача
мүчөңөр
Сен жөнүндө жазылды сап акыры,
Сөздөн сөздөр куралышып.
Ошол сөздөр жана ойлор
Бизден канча жашы улуу,
Кыргыз атам тапкан сөздү.
Кыргыз апам баккан сөздү
Мен үйрөнүп декабрдын бу күнүндө
Сага арнадым, сезим күүлөп,
Ай жаңырган атыңы?!

*10.12.2007.*

Сөздөр, сөздөр, алтындарым,
күмүштөрүм,
Силер менен болду менин көп иштерим.
Өмүр кечип келемин бала күндөн,
Мен бешикте силерге кезиккемин.

Жана издейм дидаарын периштенин,
Силер менен далай сыр бөлүшкөмүн.
Ак баракта калемим терин төгүп,
Ак болотту кыялымда эриткемин.

Сенден табам далайлар табышканын,
Ар бириңди алпештеп багышканын.
Жана тапка келтирип алгыр куштай,
Коён, түлкү, аркарга агытканын...

Сөздөр, сөздөр туптунук булактарым,
Өчпөй жанган түндөгү чырактарым.
Силер менен канча ирээт жашты
төгүп.
Мына дагы,
Кубанычта канчалык жыл аттадым,

Баарын билбейм, бир гана мен
билгеним.
Теңдешсиз мага кубат сен жүргөнүң,
Силер мага тоосуңар, дайрасыңар,
Эшигиң кенен ачып кең дүйнөнүн.

Силер гана мен тапкан байлыктарым,
Силер менен болмокчу ар жыкканым.
Жыгылсам да таянар жалгыз силер,
Демек силер, жашоомдо бар тутканым!

*28.11.2009.*

Жыл жемиши – көңүлүмө катылган,
Жыл өрүшү – көл толкунун чакырган.
Жылдар, айлар өтүп келди тынымсыз,
Жашты санап, ок белем ал атылган?!

Жыл жемиши, кызыл, сары, жашылдан,
Сыр сандыкка канча чыны катылган.
Мен алардын барактарын жай ачып,
Алганым бар, алтын, каухар, асылдан?!

Жыл жемиши – жай күнүндөй ачылган,
Ак жаандай жаңы гана басылган.
Жыл ширесин татып келдим далайын,
Бутактарда саллаа-салаа асылган.

Жыл жемиши – бир, эки эмес
көп жемиш,
Жатат чалкып уч-кыйырсыз көк деңиз.
Ала гой – деп неберeме калтырып,
Далай даам татасың бул өмүрдө,
Дешкен ата-эне кебин эстеңиз?!

*9.02.2007.*

* * *

Күрп-күрп этип сен агасың түшүмдө,
Калыбынан өзгөрбөгөн күчүндө.
Мен кылаанда бир аптаны өткөздүм,
Ыракматты айттым, сыртта, ичимде.

Июндагы кечтер менен таңдарды,
Тозгон сайын далай кыял байланды.
Көптөр көргөн, көп билбеген
бир жайсың,
Сендей деги тыптынч, бейкут жай барбы?

Жер-энеде керемет көп бир дебейм,
Анын баарын кыдырбайм да, издебейм.
Баары жетпейт келбетиңе, көркүңө,
Алаарың чын бул жагынан чоң мөрөй!

Ал мөрөйдү алып жаттым кур калбай,
Адамдарга бир кез болчу жыргалдай.
Сыйдын баркы чындыгында сый менен
Бир тагдырга бир келүүчү сыйлардай?!

Ушул чыгаар бир алоосу туюмдун,
Сенде өттү бир аптасы июндун,
Бир толбостон алдымдагы ак чыны
Толуп канча, ак даамды да буюрдуң.

* * *

Атак деген чанда келчү бир белек,
Атак өңсүз, атак түссүз өндөнөт.
Бул жакшы атты кимдер гана
каалабайт,
Чын атакка, чыныгы эмгек өң берет!?

Менде атак деп дердейишкен берен бар,
Терип тепчип айта келсе кенен го ал!

Кээ бир атак камгактан да жепжеңил,
«Ат чыкпаса жерди өрттө» деген бар.

Андайларга сугуму артпай мен күлөм,
Атак эмес, ак эмгек деп мен жүрөм.
– Эй атакбай карысыңбы, жашсыңбы,
Жапжаш болсоң, сен да үлгүр, мен да
ага үлгүрөм.

Асыл болсоң мага келчү сен да асыл,
Жашыл болсоң жай күнүндөй
мең жашыл.
Айланайын, атың жакшы ишиң көп,
Азырынча мээнетим аз саа татыр.

Эртең дагы, бүрсүгүн да ишим бар,
Иштей турган дагы бир топ күчүм бар.
Андан соңку ай, жылдарды айта албайм,
Андан көрө алдап-соолап күчүмү ал!!

Ошондон соң келсең келип калаарсың,
Ак эмгектин ак каалгасын кагарсың.
Жалгыз чырпык токой болбойт сыңары,
Баарын баштар Мекен жолу агарсын!

*27.06.2012.*

## КЫМЫЗ ДАРЫ

Бу дарыны бала кезде көп ичтим,
Дары эмес, тамак үчүн деп ичтим.
Кара бээнин байлаар элек үч, төртүн,
Чаңкап жуткан керегиндей керектин.

Кайран Көк-Сай бир керемет жайдан ал,
Ар күнүңдү жакшынакай пайдалан.
Курсагың ток, дениң дагы сак болуп,
Келишими не ойлорго салбаган!!!

Сабаа черткен, көп суусаткан бал кымыз,
Ичкен жагат алыс учуп кайгыңыз.
Эртең менен күлүн жутуп кымыздын,
Умач болуп ачылчу эле уйкубуз!!

* * *

Жылдызга жеткен ой бийик,
Жетип кайтам заматта.
Демек менде ой бийик,
Түшүрүп аппак баракка.

Отурсам жылдыз жакындайт,
Тамчылап ойлор кагазга.
Айтуучу сырын жашырбайт,
Күлүңдөй карап мени азга.

Бийикмин, бийик жактамын,
Айтканың ырас сени адам.
Билбейсиң канча жаштамын,
Жообум да даяр сурасаң?!

Санагың жетпейт, санагың,
Күндөрүң батып, атар таң.
Сагынтып сүйкүм жамалым,
Бир тиктеп сени жашартам.

Ошондо ойдо максатым,
Карап ал жайдын түнүндө.
Нак ушул жообум нак жашым,
Көркүмө күндө жүгүн же...

*19.07.2007.*

Шаар, шаардай, айыл болчу айылдай,
Жашоо дагы агып жатчу жайында ай.
Ишке барып, андан келип адамдар,
Көрүп жатчу, күн кечирип камын жай.

Кыш аяктап, көк жабырап жаз келчү,
Алп күчүнө ой-тоо кошо өзгөрчү.
Кез келгенде келжир сөзүн токтотуп,
Колу устага, кеби устага сөз берчү.

Жолоочулар күндөп-түндөп жол келчү,
Курдаш күлүп курбусуна кол берчү.
Заман заңы ылдыйлабай өөдөлөп,
Кете берет деген гана ой жеңчү.

Баары бизге, тоо түз бизге дечүбүз,
Барат шыдыр эч бузулбай көчүбүз.
Келечектин кең төрүнө тынбастан,
Керек зарыл, не болсо да жетүүбүз!?

Алар эле, кут айлар да, кут жылдар,
Ураан алып, убада алып беш жылдар.
Учуп турчу ой, кыялдар алдыга,
Шамга айланып бүлбүлдөгөн учкундар.

Жакшы кирчү, жарык батчу кечибиз,
Улуу жакка багыт алды көчүбүз.
Келечекте жашоо болот нак жыргал,
Мына ошого баратабыз дечүүбүз!!!

Илим башы Марксизм тени жок,
Лениндей, партиядай эри жок.
Деп кыйкырдык, деп акындар ыр жазды,
Улуу акыл, укмуш ойлор кеми жок.

Көрсө көбү жел сөз тура көбүргөн,
Кур кыялдар тай, кунандай элирген.
Коё кал,– дейм аттиң кыял болбосоң,
Бүлбүл жарык те-е алыстан көрүнгөн!

Кеч болсо да келет тура чын айткың,
Кеп агынан бузулбайт деп туру айткың.
Көрсө баары жакшы тилек кана экен
Кылбадыбы, аны тарых муну айкын!

*23.12.2009.*

## КӨК АСАБА

Көк асаба кыргыздын көк желеги,
Тайызы эмес, тарыхтын тептереңи.
Көк асаба көбү азыр угулбаган,
Кимдиги кебелгис кеп, да өнөрү.

Жана дагы албырган ак желеги,
Досторуна кайрылган ал белеги.

Актык гана акыры жеңет деген,
Ак сүт чачып жашоону өлчөгөнү.

Көк асаба көңүлгө толгон желек,
Көк асаба көп жерде болгон желек.
Каршылаштан көбүрөөк достор күтүп,
Кыйланын да көөнүнө конгон желек.

Ал найза да, кай бир да калкан желек,
Көк асаба буркан да, шаркан желек.
Көк асаба чексизди көктөн алып,
Кебелгис кайратты берген себеп.

«Көк асаба» элимдин көк желеги,
Ала кийиз, боз үйү көп өнөрү.
Жыйырма кылым жай-кышы көчүп келип,
Тарыхына, тамга болуп чөктү көбү.

* * *

Шылтоо да бар, баягы эле баягың,
Болоор болбос шоола берип нуру алсыз.
Сынган сыңар жерге кулап тарагың,
Күндөр өтөөр, күтүүгө жык, кунарсыз.

Ана бир жыл өтүп кетти билинбей,
Эсептелбей он эки ай саналган.
Шифоньерде он жыл турган кийимдей,
Чыккысыздай чыйрыкма сүз абалдан.

Аман-эсен жер үстүндө болуп бар,
Өмүр бою бакыт издеп келесиң.
Менде тилек, бегирэк тут жолукса ал,
Ак көйнөкчөн аппак ыр жаз кеңешим.

* * *

Бизде жетпейт эмне азыр?
Издейм, тынбай маа табыл.
Деген суроо күн-түн кетпейт,
Мейли тырыш, мейли жазыл.

Жетпейт азыр элде кайрат,
Жетпей турат сүрдүү айбат.
Жана иштөө түрүп билек,
Жана далбас издеп тайбас!

Аракетим жаңы иш бүтсөм,
Айбатымда жаш бак тиксем
Ага кошо жер айдасам,
Төрт түлүктөн дагы күтсөм?

Ал – күчүмчө чындык тапсам,
Адам ашкыс, дабан ашсам.
Эл мүдөөсүн эки кылаар,
Какыр жерге канал казсам?

Кайратымда убап-чубап,
Кете берип ай, жыл кулап.
Те-е алыска көз чаптырсам,
Чети оюлгус сан иш турат.

*29.03.2006.*

* * *

Аз турбадык, көпүрөдө көп турдук,
Алибетте далай-далай кеп курдук.
Сөзгө келсек онтоп жатат кыргыз эл,
Эл башчылар жазашканда көп шумдук.

Шумдук эмне, беш манжада саналуу,
Анын башы, гүлдөп турган пара алуу.
Кайран калкым бир капталын ойдуруп,
Ач камандай, ач бөрүдөй жаралуу.

Башканы кой, ата, энесин жеген көп,
«Жебегендер жер алдында»,– деген кеп.

Жетти чекке, андайды көп көрбөгөн,
Тоо текелер тоодон карайт элендеп.

А тигинде жай эмизип улагын,
Түргөн болуп жан-жагына кулагын.
Карт эненин дүк-дүк кагат жүрөгү,
Күткөн сымал, тынч оттоонун кыябын.

Бирде карап тоо баштарын, ой, түзүн,
Таңданууга чыгаргандай бар күчүн.
Буларда эмне, башкы күнөө кай жакта,
Нугунда өзөн, болсо дагы жер бүтүн.

Эне-Жер да бүтүнүнөн чыдоодо,
Эл канетсин бүтүндүгүн улоодо.
Антпегенде эчак күм-жам болушмак,
Чыдоо жетпейт пара атанган тумоого.

Пара деген жанды соргон, жан жеген,
Кытмыр тиктеп топук болбос көз менен
Ал арам күч көптү жолдон азырган,
Акты эмес, жалаң кара көздөгөн!!

*17.02.2009. саат 18.00*

Кана достор бийлейли,
Ой бийиктээр, ой коштоор.
Келгилечи жан достор
Көңүл ачсак бий менен
Ашып-ташаар толбостор.

Көнүл көккө серпилээр,
Эй жигиттер, селкилер
Чимирилип бийлесең
Чыгып турар көркөңөр!?

Музыкасын кой жаңы,
Жигит, улан, кыз дагы.
Мына, мына башталды,
Ыргак күүнүн сайраны.

Абаз күчөп агылат,
Күүгө көңүл багынат
Токтоо болбой мындайда,
Жуптар дагы табылат.

Жаштарга бий жарашат,
Көздөр көзду карашат.
Турба, бийле кыз, жигит,
Жакын калды, таң атат.

*25.08.2007.*

Коюндашып уктаган,
Коктулар жатат тигинде
Балалыгым калыптыр,
Байкасам анын биринде.

Шайырданып, шаттанып,
Шары мол анын дилинде.
Балалык күлүп отурат,
Боз үйдө чоң таш түбүндө.

Шык козгоп турар тигинде,
Шылдыры агым үйүндө
Шүүдүрүм болуп алыптыр,
Бала кез, гүлдүн бириндс.

Кайрылып жылдар те-е өткөн,
Түшүрбөй жүгүн ийиинден.
Көздөрүнө көз түшөт,
Жылмайып сага тигилген.

*1.06.1975.*

## «АРАШАНДЫН» 14 БӨЛМӨСҮНӨН

Бу бөлмөдө коп ойлор жеңил жүрүп,
Ушул жерде тынч күндөр өмүр сүрүп.
Турган кезде тоо жакка көз чатырып,
Тынч албаган сезимдин жибин түрүп.

Тоо тигине ак кардуу бийик бети,
Көрүнүүдө болгону, азы, чети.
– Бери кара, мен мына көргүнүң – дейт
Тартып алып ал жактын эрте, кечи.

Жазын, жайын жана да ырдап күзүн,
Коктусунда тынчыраак Аламүдүн.
Тыным билбей төмөнгө бой керүүдө,
Чүй түзүнүн байлыгын алыш үчүн.

Мөлтүр агым тоолордон ага келип,
Ортодо борбор шаарын жара бөлүп.
Ал өзөн ноктолонот канча ирээт,
Чыкса да тоо койнунан чебеленип...

Канатын желге сабап,
Кайратын өргө калап.
Күн тыным, түн уйку жок,
Жаралган сенде адат.

Билбеймин жашоо кыйын,
Мендеги сезүү, туюм.
Турбайбы көрүнө эле,
Чертилтип ал үч кылың...

Үч кылы, үч жүз болуп,
Үч буроо үч жүз согуп.
Жатканын айтпайсыңбы,
Кыларың кылып коюп.

Ал күүгө тынбай түшүп,
Андай да, мындай түшүп.
Келебиз биз пенделер,
Нанын жеп, суусун ичип.

Наны үчүн нени көрбөй,
Суусу үчүн өлүп, өлбөй.
Кармаша берет белем,
Кармалып бүгүн сендей.

Канатын карга сабап,
Кайратын жарга камап.
Келесин Алима эжен,
Үмүттөн үзбөй тажап...

*28.09.1999.*

Бот... бакты уурдайм,– деген
Венера кыз,
Бул сөзгө капаланбай кубанабыз.
Канакей уурдап көрсөң кышта келип,
Биз дагы бир эмес миң суранабыз.

Жашыл бак бул өзүнчө көрктүү дүйнө,
Жакпасын ушундай жер кана кимге?
Венера бир келбестен миң ирээт кел,
Келгин да, келбетине кыял терме?!

Термеген кыял-дүйнө кенен-кенен,
Термегин терендетип чебер менен.
Устаттык көп жакшынын башталышы,
Жана анда токтоолук бар кебелбеген.

Бот... бакты, көп күттүрбөй уурдап
алчы,
Урматына сыйынып жыргап калчы.

Бот... бакта тарыгыс кененди к бар,
Бир келип таң булбулдай ырга салчы?

Токтогулдун, Жоомарттын ырын ула,
Кала көрбө, талапсыздар кыйыгына.
Бот... бак сенин шаңдантып талантыңды,
Туш болоорсуң ыйыктын, ыйыгына?!

Бот... бакты уурдайм,– деген Венерабыз,
Анын бул ак оюна кубанабыз.
Бот... бактай ыр шиңгили жаралса деп,
Ал кыздан бир эмес миң суранабыз.

*14.11.2009. 13.30*

Эрте чыктым адатымды карматып,
Толук эмес, кала электе таң да атып.
Көптөн тааныш Аламүдүн дайрасы
Тилин жатты тыным албай сайратып.

Агып жатты, агын сууда айып жок,
Аны өрдөп сүзүп жүргөн балык жок.
Күндө таңда ушу жерде кез болом
Ушу аймакты кайтаруучу жан окшоп.

Те-е жогорку бүтпөй калган каналга,
Куруп баштап социалдык заманда
Жете келип төрт тарапка көз салмай,
Аба ырайы, күн нур чачар абалга.

Асманында буурул булут, ак булут,
Жана дагы тойгон булут, ач булут.
Баары даана, көрүп алгын дешкендей,
Бирде бүркөө, бирде турат шат булут.

Бакырайган жарык жылдыз жай тарап,
Күндү күтөт, күндү тозот чар тарап.
Аңгыча эле күн нур чачып чыгыштан,
Тоо, түздөргө улуу жарык даң салалат.

Аламүдүн сен бир дайра шар аккан,
Жүрүп келип, улуу тоолор тараптан.
Көптө болбос, көптө болбос күчтү сен,
Кантип таап жана аласың каяктан?

*24.01.2009.*

Баарын мезгил, баарын жашоо
салмактайт,
Элдин көзү, эл үмүтү алдатпайт.
Алдатпасы чыңга чыгып жүз ирээт,
Алдамчылар, жанын сабап калдактайт.

Жыйырма бирдин күн, айлары жылууда,
Түздөн өтүп, дабандарга чыгууда.
Эки миң беш окуяга жык толуп,
Улуулардын улуу сөзүн угууда...

– Эй улуулар, кетип калган келбеске,
Өзүңөрдү ойлоп жаттым күн кечке.
Өз кезинде Карынбайды жер жутуп,
Башкалары бүгүн бизде мелдеште.

Карынбайбы, Тойбосбайбы, топорбу,
Эл байлыгы эки, үч жылда отолду.
Койлубайлар короо-короо кой жутуп,
Иши оңолуп, Мансапбайлар чоңойду.

Кечээки эле кедейбайды кеп кылбайм,
Чочко байча чочоң этип ышкырбайм.
Сатып, тоноп, эл байлыгын эңшерип,
Чыйт түкүрүп каракүчкө ышкырбайм.

*20.07.2009.*

Уул деген уулдай уул болсо,
Уулуң өсүп жигиттик күчкө толсо.
Деген үмүт атада өчпөс чырак,
Дагынкысы дагы бар дагы чойсо.

Ал үмүттөр акталып, акталбаган,
Ал үзүлүп учуктай сапталбаган.
Ийненин көзүнөн да кичик сымал,
Жазымыш го, эч бир жан башкарбаган.

Мыкты чыгуу бу дагы буйрук экен,
Жакшына уул бардыкка сыйлык экен.
Мен дагы көп аталар бири сыңар,
Кыялымда кыйла ойлор тегеретем?!..

Ойдо элебейм балдардын алын-жайын,
Элестетип камчынын сабындайын.
Ана ары жагы жыйырма жыл күтүүдөмүн,
Андан көпту кайталап жаңылбайын.

Экөөнүн тең жай агып жашоо күнү,
Чынын айтсам туурасын, көптүн бири.
Көптүн бири болсоң да аман бол,– деп
Кайыл болуп көбүнөн атаң жүрү?!

*20.10.2006.*

## АППАК, АППАК, АППАК КАР...

Жакшылыкка таалим бар,
Айланайын жаагың кар.
Ойлоп ага кубанам,
Оңолот го жашоо тар?!

Ак кар, ак кар, бүтүн ак,
Сыртың дагы, ичиң ак.
Түшүп жаткан асмандан,
Касиеттүү күчүң ак.

Себеленип, агарып,
Сен кайыптан жаралып.
Түшүп жаткан Жерге өзүң,
Себептериң дагы анык.

Оо керемет, ооба кар,
Сенде сергек ой да бар
Тазалык да так сенде,
Сен аны бек коргоп ал.

Кебелбеген кеңдик бар,
Керсейбеген эрдик бар
Байлыгыңа ченем жок,
Бүт чулгаган аппак кар!

# ПОЭМАЛАР

## МЕН ИЗДЕГЕН БАКЫТ

Издеп келем көп жылы,
Изин кууп бакыттын.
Өзүнө кол берүүгө,
Көп эле ирет ашыктым.

Ашкым келди дабанды,
Бир эле эмес бир нече.
Бакыт жандуу деп ойлойм,
Бадырайып сүйлөсө.

Сүрдөгөндөн жер тиктеп,
Сөз таба албай каламбы?
Жазы маңдай, сөзү курч
Жаркылдаган адамбы?

Бою аныкы чынында,
Узун чыгар көбүнөн.
Капыс калсам кез келип,
Ага кандай сезилем?

Чачы, мурут, сакалы,
Агарганбы, карабы?
Токсондогу чалбы ошол,
Тогуз жашар балабы?!

Солкулдаган жигитпи,
Ай сымбаттуу перибии?
Андай болсо ал өзү,
Кандай үйдүн келини?

Жамалынан күн өпкөн,
Жагыла элек чыракпы.
Жап-жаш дешкен жактырып,
Жалпы сөзү кыраакы.

Бойго жеткен жаңы эле,
Мүмкүн сулуу кыз чыгар.
Баарына март, берешен,
Эне өңдөнгөн уз чыгар?!

Сулуулукту боюна,
Жаз таңынан алгандыр.
Кыргый мүчө, бото көз,
Кынтыгы жок жалжалдыр?

Шык жараткан нуруна,
Шуру кылып тагынаар.
Шынаардаган бир бийкеч,
Шыр жолунан кабылар.

Не болсо да ар кимдин,
Басар сапар жолунан.
Энчи бөлөөр адамга,
Эмгектенсе колунан.

1.

Чабан жайда жайлоодо,
Коюн жүрдү кайтарып.
Күн-түн жааган жаан да,
Албай күчүн майтарып.

Кайра андан жалтанды,
Бүркөө кабак жазылып.
Ал аңгыча сур булут,
Тоого чөктү жашынып.

Жашынганда дабандан,
Күлмүң-күлмүң чачырап...
Күндүн нуру жүз чайды,
Күлгүн кезге жаш улап.

Анын аты Таштанбек,
Малы бирден миң болду.
Түгөнбөгөн түйшүккө,
Түн чакырган ким болду?

Атаандашы Арзыбек,
Андан канча кем болду.
Ал каяктан кемисин,
Аган төлү тең болду.

Бирин-бири уталбай,
Бирге келет калыс ук.
Үч, беш жылы тынымсыз,
Үйүр алышкан жарашып.

Туяктардан чаң ызгыйт,
Жолдор улам кыскарып.
Бири качса бири кууп,
Ийген эмес куткарып.

Бул экөөнүн иштерин,
Булбул сайрап жар салган.
Бура жорткон керимсал,
Бак жеңишин каршы алган.

2.

Нан бар жерде ыр болот,
Түгөнбөгөн бүтпөгөн.
Нан бар жерде эрдик бар,
Ажыдаарды тиктеген.

Ыр бар жерде сөзсүз нан,
Ырыскыны күрөгөн.
Нандын күчү доордун,
Ай башына тиреген.

Дыйкан абам Ырыскул,
Дайым мотор башкарат.
Күлүп турса тиштери,
Күн чагылып кашкаят.

Жазда аңыз коңторот,
Буу бийиктеп талаадан.
Күз келгенде шакылдап,
Күп-күп иштейт барабан.

Бункер толо кызыл дан,
Бир аз гана жер бүтө.
Берекесин көргүн дейт,
Бир айланып келгиче.

Берсе берсин алалы,
Алган да март, берген март.
Кызыл данды кырмандан,
Кызуусунда көргөн март.

Дан кутунан бийикке,
Канат байлап учкан март.
Тең келбеген жарышта,
Теңтуштарын уткан март.

Кутман талаа кут айтып,
Кубанычка мактанаар.
Тоо башынан кылтыйган,
Толгон Чолпон каш кагаар.

Тоо тараптан жел жүрүп,
Сыдырымы жүз сылаар.
Өлчөп турар өз демин,
Өрдөк моюн ышкылар.

Жаңы бойдон бошогон,
Жаш келиндер татына.
Бакыт турду байыр алып,
Балбыраган затына...

Бул орулган жаш аңыз,
Бала эмизген энедей.
Ырыс тосун көтөрүп,
Ырдап турду телегей.

Жоомарт эле бүт дүйнө,
Жоодураган каректей.
Жолду торойт бир бакыт,
Жолдоштугун себептей.

3.

Киши кылган ким өзү,
Турмуш жолун тааныта.
Жакшылыкка жанашып,
Жамандыкка баа быча.

Бул экөөсүз бири жок,
Билесиң сен замандаш.
Бирөө турса жашынып,
Бирөө басып жылаң баш

Мени, сени баарына,
Калыс адам кам көргөн.
Суусаганда суу сунуп,
Ачка болсок нан берген.

Карай берип азыр мен,
Те-е качанкы сүрөттү.
...Эске түшөт жаңырып,
Эчак өткөн күн эски.

Анда агайлар жаш эле,
Жаңы бүтүп келишкен.
Укмуш сулуу эжелер,
Сын-сыпаты келишкен.

Адам дебей аларды,
Тең койчумун периге.
Нур чагылып, күн тууган,
Кеби, сөзү демине!?

Алар күчүн аяшпай,
Билимдерин беришкен.
Толуп турчу ойлору,
Жылдыз менен өбүшкөн...

... Уч кыйырсыз ааламга
Утур атып чыкчуубуз.
Жер алкагын айланып,
Жылдыздарга уччубуз?!

Тереңинен, үстүнөн,
Мухиддерге сүзчүбүз.
Закым менен жарышып,
Замзам суусун иччүбүз..

Мына ушунун бардыгын,
Сезимдерге жат куйган.
Эжей менен агайлар,
Эртеңкиге шаштырган.

Алар дайым көңүлдө,
Көңүл коштойт жардыгы.
Эскирбестен бири да,
Эсте турат бардыгы.

Даярдабай тапшырма,
Турам үнүм чыгарбай.
Турду агайым мында да,
Мени буга кыя албай

Үн-сөз эмес көз менен,
Айтып турду акылын.
Болор,– эми дегендей,
«Отур!?»,– деди акырын..?

Мындай учур агайга,
Бир эмес миң келгендир.
Инилерин мен сыңар,
Далайларын көргөндүр.

Аста айтылган ушул сөз,
Кымбат далай кастардан.
Менин багым дал ошол,
Бир оордон соң башталган.

Мага тийген ал бакыт,
Башталышы түн бекен.
Андан бери ал агай,
Канча бакыт сунду экен?!

Акын жашайт, ыр жазат,
Он саппы же бир саппы.
Мөлтүрүндөй булактын,
Мына муну ким жазды?..

Жакшына экен кайра оку,
Көлкүлдөтсүн көңүлдү.
Көзөп өтсүн кара оюн,
Көзөп өтсүн темирди.

Аппак болуп булуттан,
Аста чыксын таңкысын..
Тең жетпеген кең асман,
Тереңинде калкысын...

Акын ою эмнелер?
Эл жеринин камы да.
Бейкут күндү миң тилейт.
Бирипе да баарына.

Сүйүү тилейт сулууга,
Сүйкүм тилейт уулуна.
Жаан тилейт, жаз тилейт,
Жарашыктуу жылына.

Күркүрөгөн күз тилейт,
Улуу, кичүү катышкан.
Түшүм тилейт түгөнгүс,
Жалаң бакыт татышкан.

Кычыраган кышка да,
Кызыйй басып жакындайт.
Алоолонуп акында ой,
Анда дагы басылбайт...

Жердин тыңшайт жүрөгүн,
Уйкаш кагып аттыбы.
Же болбосо капилет,
Бир нерсе ойлоп жаттыбы?!

Анын күрөө тамырын,
Уруп турган канча жан.
Кандырганбы уйкусун,
Жери жокпу чарчаган?!

Деги койчу көп түйшүк,
Ойлор... ойлор көп анда.
Акыл менен зөөкүрдүк,
Алма-телме кабарда...

Катар-катар ал кабар,
Тилден тилге келүүдө.
Алыс жакын баарынан,
Азыр кабар берүүдө.

Ошондуктан акындын,
Ойчул тартат ирени.
Болбосо дейт коогалаң,
Өзү эле эмес илеби.

Жаман кабар бир укпай,
Жалаң жакшы болор дейт.
«Согуш!» деген бир сөзгө,
Тынчтык чекит коёр дейт.

Мына ошондо бакыттын,
Кыбыласы төрт болоор.
Согуш аттуу жан алгыч,
Түбөлүккө мерт болоор.

Бакыт анда сайрандап,
Ал жетпеген бурч калбас.
Бакыт күнгө бар тарап,
Багынбаган журт калбас.

*3.07.1981.*

*Кыргыз Республикасынын Баатыры, Кыргыз Республикасынын эл сүрөтчүсү, СССРдин Лениндик сыйлыктын лауреаты Тургунбай Садыковдун биографиясын кыйла жакшы билген замандашы жана сүрөткер-бедизчинин чоң талантын сыйлаган адам катары төмөндө чакан поэма кийинки 15 жыл аралыгында жаралган эле.*

## ТАШКА ЖАН САЛГАН ТАЛАНТ

### 1.

Түкө,– деп отурамын суроо узатып,
Ойдогу сыр сандыктын оозун ачып.
Кеп-сөзгө бала чактан эсте калган,
Кеткенден, те-е тереңден ой чубатып.

Чубасын, чубаганга эмне жетсин,
Чубасын тайыздабай терең кетсин.
Ата-эне тун өмүрдүн башаты го,
Элестер ойдо толкуп, көздө көчсүн?

Эсимде «Дрижерун» таяк кармап,
Аздан соң эл алдына чыгып бармак.
Эсимде «Жаш жумушчу» жана башка,
Көңүлдөн алыстабай турат жардап.

Ал кезде жапжаш эле оюң, санааң,
Жана да чакан эле өнөрканаң.
Айланып кыш келчүмүн, жаз келчүмүн,
Жана да көп болушчу мендей адам.

Зуулдап далай мезгил өтө берди,
Ал турсун жаңы миң жыл жете келди.
Көңүлдөн көп нерселер турат өчпөй,
Көөнөрбөй кайра эки, үч эселенди.

Ойлорго, тилектерге түйүп түйүн,
Жүрөккө, жүлүндөргө чийип чийин.
Келесиң кырк жыл ашуун сапарыңда,
Максатты коюп алга бийиктигин.

Ал үчүн чеке терин аарчып улам,
Иш менен алпурушуп айныбаган.
Жөн салды отурган кез бир да болбос,
Өзүм да күбө болдум нечен буган.

Жуурулуп талантыңа, күчкө-демиң,
Жөн эле иштеш үчүн, иштебедиң.
Иштедиң кыргызыңдын кызыгы деп,
Жана ага ширештирип илхам жөнүн.

Замандаш, агаларың, апаларың,
Аздектеп асылдарын, тазаларын.
Элесин ташка чегип, кумга куюп,
Кыргыздын бийиктеттиң аскаларын.

Шар аккан өзөндөрүн, мөл булагын,
Балбылдап жанып турган шам чырагын.
Өчүрбөй өзүң тартуу, башың тартуу,
Максатың, көз кайкыган иш кылаарың.

Максатты жапыз эмес бийик коюп,
Баштапсың күлүп коюп, сүйүп коюп.
Мээнеттен жаратылды далай дөөлөт,
Чыгаарына, ишенип күлүк болуп.

Ойлоп быч, көп жаратуу күтөөрүнө,
Ал үчүн кыйла жолго түтөөрүнө.
Аман болсо алдыдан тозоор күн көп,
Жолугаарсың керемет иштериңе.

Кайсы илимден, кайсы элден, кайсындан,
Бизге чейин канча ойлор айтылган.
Окуп, ойлоп таразалай берип мен,
Кыйлаларын коём артык алтындан.

Алтын эмне, ырас асыл нерсе чын,
Көзду азгырып, көңулдөрдүн канчасын.
Оп тартса да адам колу бүтүргөн,
Кол көтөрөм кооздуктай нерсе үчүн.

Сен ошондой иштей келген, кам кылган,
Кам эле эмес жана аларды бар кылган.
Замандашым жакшы досум Тукеме,
Көп жыл мурда атай барып кабылгам.

2.

Көз алдыда баары турат көрүнүп,
Жайда гүлү, күздө мөмө төгүлүп.
Айланайын Ата Мекен, Тууган Жер,
Асылсың сен, баардыгынан дедирип.

Терек, талга өң киргизип, жан берген,
Ооба баары ойдогуга дал келген.
Бакай сындуу камкор устат Коненков,
Үйрөн, талба, болосуң сен чеберден.

Деген насаат кулагына илинди,
Илинди да укканына сүйүндү.
Чоң талантка адамкердик айкашып,
Алыкулча, алган март деп ийилди.

Күн-түн иштеп сөзүн угуп атанын,
Улашкандар Садыковдун сапарын.
Эмгегине калың кыргыз ыраазы,
Коненковдун, Белашова апанын.

Деди дагы улап келген сапарын,
Шарт бурулуп туздөгөндөй катарын.
Дүбүрт... дүбүрт... миң буудандын
дүбүртү...
Узап барат шаңы Манас атанын...

Түшпү бу же? Өңдөн өткөн элеспи?
Тура калып, оюна ал кеңешти.
Көрсө ушул Тургунбайдын түшү экен,
Не кылмакмын кудай берген белекти?

Деген суроо сезимдерде тепчилди,
Канча ирээт жаңыланды, эскирди.
Коргошундай оор тартып сезимде,
Кадам шилтеп баса албады чечкиндүү.

Мезгил деген ме-, дегендей акылын,
Айдан ачык, ал көбүнчө жашыруун.
Келет белем күтүүсүздөн бир күнү,
Бере турган, асылынын, асылын!!!

Сүйлөп турчу радио тынбастан,
Көңүлдү ачкан, көпчүлүккө чынды ачкан.
Совет уулу багындырды космосту,
Деген ураан көп тандайды кургаткан.

Өзүнүн да оюнда жок бир курдай,
Күтүүсүздөн болду окуя бир мындай.
Кечке иштеп, жаңы кирсе бөлмөгө,
Манас айтып жаткан экен Саякбай.

Тык токтоду аны тыңшап Тургунбай,
Турду ордунда кыймылынан бир жылбай.
Сакем болсо алтымыш ат соңунан,
Тайбуурулду сүрөп келет куюндай...

– Кана балам, мени кара бас бери,
Каяша айтып сөз сүйлөбө тескери.
Жаш экенсиң, таанып Бакай абаңа,
Жолуктуруп жатканым жок кеч сени...

Ак батасын беремин дейт кулак сал,
Айланайын, али алдыда, убактар.
Жол келатып бура тарттык өзүңө,
Көңүл буруп кепке болгун кулактар.

– Оң жагымда адам уулу шер Алман,
Алп жүрөгү арыстандан жаралган.
Көз салып көр көзүн, сүрдүү кабагын,
Кайраттууга кайрат берген зор абаң.

А мен өзүм Манас атаң боломун,
Уктуң беле Алп Манастын жомогун.
Айкелимди темирден куй оомийин,
Муну менен сөзгө чекит коёмун!?

Алп жомоктун артыгына канасың,
Ал чындыктын алоосуна жанасың.
Дайым тирүү Манас баба арбагы,
Араласаң алтын кенин табасың!

Жерге шырдак жана төшөк салдырып,
Салт жазылбай калыптанган канча уюп.
Малдаш уруп ойлуу отурат Саякбай,
Аа жарашып чокчо сакал, кер мурут.

Манасчыга бирде алыстап, жакындап,
Тургунбайдын эки колу шакылдап.
Иштеп жатты көзүн албай көзүнөн,
Касиетин карегине батырмак?!

– Чын эмеспи үнүнө мен арбалдым,
Ар бир айткан сөздөрүнө таң калдым.
Ыр саптары жөн тизилген сап эмес,
А андагы ар тамгага жан салдың?

Деп сүйлөдү Тургунбайдын тереңи,
Деп бийледи кыялынын ченеми.
Сакем жашайт жазуучулар үйүндө,
Ал кишиге сөзсүз жолук сен эми?

– Саке сизди ташка чегип таштайын,
Жок дебеңиз, кечеңдетпей баштайын.
Деди Тургун алп талантка кайрылып,
Мен да сиздей күлүктөрдү таптайын.

– Бүркүт сымал кайкып учкан канатың,
Өзүңдү айтчы, кайдан келген баласың.
Ташка чексең Манасымды, өзүмдү,
Улуу сөздүн ый, күлкүсүн табасың!

Алп жомоктун артыгына канасың,
Ал чындыктын алоосуна жанасың.
Дайым тирүү Манас баба арбагы,
Араласаң алтын кенин табасың!

Жерге шырдак жана төшөк салдырып,
Салт жазылбай калыптанган канча уюп.
Малдаш уруп ойлуу отурат Саякбай,
Аа жарашып чокчо сакал, кер мурут.

Манасчыга бирде алыстап, жакындап,
Тургунбайдын эки колу шакылдап.
Иштеп жатты көзүн албай көзүнөн,
Касиетин карегине батырмак?!

– Саке деди колун чайкап идишке,
Тыным албай мен иштедим күн кечке.
Үн алгыга түшүрүп да таштайын,
Айтыңызчы, жыйырма, отуз мүнөтчө!?

– Бул суроону берүүгө сенин бар жөнүң,
Бир угуучу жанымдагы сен менин.
Чогултуп кел кеминде жүз адамды,
Эргип айтат дал ошондо бар көңүл.

Бул бир кызык, бу Манаста жөрөлгө,
Манасчы да толкуп айтат көп элге.
Күлкүсүнөн күйүтү күч, бул дастан,
Башы кайда, барары да тереңде!?

Залкар адам, пендеде жок ышкылуу,
Тургунбай да жалгыз өзү уктубу.
Же болбосо эл чогултуп келүүгө,
Ошол күнү көчөгө өзү чыктыбы?

Не болсо да «сака бою сары алтын»,
Жүрөгү алп, жүрүп турган каны алтын.
Таш тулкуда жашап калды Саякбай,
Таң калтырып таасын талант бүт калкын!

Ошол Саке, Караланын уулу эле,
Жомокчу эле, анын соңку мууну эле.
Күн-түн айтып күпүлдөтүп «Манасын»,
Кыргызынын алкоосуна сыйды эле...

Кийинкилер дагы билип койсун деп,
Ташка айланды, тарых күбө болсун деп.
Ушул жагы Тургунбайга туш келип,
Чыга келди асыл өнөр өркүндөп.

Манас дастан, Манас кыргыз баатыры,
Манас мухид, Манас тарых жашы улуу.
Миң жылдарды кучагына сыйдырган,
Танда чыккан жылдызы,
Алтын казыгы...

Манас менен чебер дайым узанган,
Манас менен улуу көчтөр куралган.
Манас айтып айкаштарга аттанып,
Манас менен кас душманын жыга алган.

Манас турган ар бир кыргыз деминде,
Манас болгон кыргыз жүргөн жеринде.
Комузу да Манас барда күү чалып,
Мүргүбөгөн күч үрөгөн өмүргө...

Манас ыры, шар суусу да, булак да,
Манас сыры, ачык дагы, сыр накта.
Манас угуп жеңилдеген жаш кары,
Мүңкүрөбөй мүшкүл түшкөн убакта.

«Манас» жомок, жөн айтылган элеби,
Жөн айтылса миң... миң... жылдап
келеби.
Бу Манаста касиет бар, сыйкыр бар,
Аа болбосо бирден миңге өнөбү?

«Манас» айткан эң биринчи Жайсаңбы,
Ал дастандын канча сабын айта алды.
Аны билген арабызда бир жан жок,
Бул баянга ал канчалык жан салды?

Же болбосо андан ашкан алп барбы?
Манас анда кандай, канча баркталды.
Анын баарын ушундай деп ким айтат,
Айтуууга да анда аларда шарт барбы?

Анын баары чөктү кылым төрүнө,
Жогу жоктой көрүнөөсү, көрүнө.
Мына ошону ташка чеккен Тургунбай,
Бүгүн бизде укмуш эмей эмине?!

Кечээки эле Балыкоозду алалы,
Анын бизден анча узай элек карааны.
Өмүр бою «Манас» айтып келатып,
Дагы калды,– дечү экен,– ал аягы.

Андан дагы санжыраны сан кылып,
Ары узаган канчаларды бар кылып.
Узун сөздү улай берчү жаңылбай,
Күн-түн айтып, токтобостон ал тынып.

Караңгыбы, борошолуу зар заман,
Алп адамдын бир сап ыры калбаган.
Аппак кагаз саргыч тарткан мезгилге,
Бу чындык го, эч ким аны танбаган.

Жыйырма деген атын улам кайталап,
Ушул кылым ай, жыл санап жай барат.
Бул доордун эң башында Сагынбай,
«Манас» жолун бийиктеткен канча улап.

Анын тоодой бактысыбы, башкабы,
Чыкканданбы совет дагы, кат дагы.
Миң-миң сабын, Манас залкар жомогун,
Жазгыч Молдо аны жазып таштады.

«Өңгө жалган өлүм ак да» чынында,
Жашап өттү жакшынакай сыйында.
Сагынбай алп жасап кетти «Манасын»,
Бул бир байлык, төлөш кыйын
кунун да...

Сөз деген сөз көчүп калса кагазга,
Ал айланат өлбөстүккө канатка.
Оозекичи, өмүр анда кыска экен,
Угуучусу, баалоочусу аз санда...

Мына ушинтип «Манас» ойдо көбүргөн,
Атырылып кыял, селдей төгүлгөн.
Китеп болуп таркап жатты калкына,
Чаалыкпаган буудан сыңар элирген.

Атырылган Аккуланын арышын,
Асман жерди дүңгүрөткөн дабышын.
Басса, турса элестетти кыялда,
Өңүн-түсүн, кол шилтешин баарысын.

Дагы кандай кайталанды кайрадан,
Ушул суроо миң берилди тайбаган.
Сагынбайдын саптарына үңүлүп,
Оюу оргуп, кыял турду сандаган.

Тургунбайдын түн уйкусун үч бөлдү,
Уйкуну алды, кайра ага күч берди.
Дал ушинтип Манас ата айкели,
Дегизгиче: «Мен мына!» деп түптөлдү.

Тургунбайга ким көрсөттү жолду бу,
Же бардыгы капысынан болдубу.
Минтип айтуу туура келбес чындыкка,
Четке сүрөр турмуш муну, ой муну...

## ДИЛДИРЕГЕН ДОБУШУН...

*– Ээ Түкө, сен Ала-Тоонун эрке желин кармап, анын дилдиреген добушун ташка чегээр бекенсиң! Бубусаранын элесин же тунук суунун шарынан алар бекенсиң??*

(Ч.Айтматовдун телеэкрандан айткан сөзүнөн)

Өттү, кетти жыл артынан жыл канча,
Алды тиктеп, көздү ачып жумгуча.
«Кечээ гана тиги кырда жок эле...»,
Келди өзгөрү кимдин кимин туйгача.

Анын бири, талант пири, бий пири,
Бийлеп өткөн, иштеп өткөн күн-түнү.
Жаркылдаган жаңга жаркын, жапакеч,
Көңүлгө уюп, түнөк тапкан сүйкүмдү.

Бул ысымды, ким урматтап ким билбейт,
Бу инсандын асылдыгын ким сүйбөйт.
Адам эле нурдан бүткөн нур чачкан,
Сүрөтүнө канча карек тигилбейт?

Оо ошондой бир жан эле, бир келген,
Заманына гүлдөй жайнап, нур берген.
Таң чолпону сыймыктанып өзүнө,
Гүл өндүрүп, өзү дагы гүлдө өнгөн.

Адеп кармап аста, акырын үн менен,
Улууга урмат, кичүүгө сый сүйлөгөн.
Аял эле, эне эле, жар эле,
Үнүн бийик чыгарууну билбеген.

Жаны калбай, жарпын жаза күлчү эле,
Жай кадамдап көчөлөрдө жүрчү эле.
Жараштырып ак өңдөрдү боюна,
Кийимди да жакшынакай кийчү эле.

Жамандыкка капаланчу, күйчү эле,
Жакшылыктын шарапатын билчү эле.
Тегеренген төрт мезгилдин ичинен,
Жазды күтүп, жаздын маалын сүйчү эле.

Акыйкатты аздектөөчү, баалачу,
Ачык күндү, ак сүйүүнү каалочу.
Жакшы тааныш жаш карыдын баарына,
Жай күнүндөй жагым сүйкүм арначу.

Ар бир талант, адам жагы, кандайын,
Шайкешеби, айтсам дагы ал жагын.
Бу жагынан төп келүүчү төрт жагы,
Улуу талант, улуу Бүбүсаранын...

Аны коюп, кайрылалы бийине,
Бийлеп жатат, тыным албай тигине.
Музыканын, албуут, ардуу ыргагы,
Тартып жатат, шары менен гүрүнө.

... Анда Түкө, кана эмесе карап кал,
Ар кыймылын, ар серпимин санап кал.
Мүмкүн ошол байчечекей гүлүдүр,
Саамай чачын жел экөөлөп тарап кал.

Баш ийбеген барбы нерсе өнөргө,
Муздак таш да көлкүп кетер чеберге.
Жан киргизип, тил сүйлөтүп койгонуң,
Ушул күндөн сапар чексин тереңге...

... Ана кара, ал бийлеген сахна,
Дал өзүндөй, көзгө сүйкүм, татына.
Бир аздан соң бийлеп чыгат эжебиз,
Аты менен төп келишкен затына.

Бийге багыт... миң каректер кадалган,
Бийлеп турат жарлагандай шамалдан.
Музыкасы көлдүн доошу, жайдагы,
Ак чардактар учул-конуп чабарман.

Эки колу аппак куунун канаты,
Жеңил гана канаттыран тарачу.
Астыда көл, жогортодо көк асман,
Ортодо бий, айтып бүткүс санаты...

Залдын ичи, бир адамдын деминдей,
Көздөр дагы карагандай ирмелбей.
– Эх музыка, аны коштоп музыка,
Чебер кыймыл жалаң жашоо сүргөндөй.

Аңгыча эле залдын ичи жаңырып,
Алакандар шатырады чабылып.
Ак жүзүнө күлкү жанып, нур чайып,
Урмат кылат эл сыйына табынып.

Бу адамдын бул сымбаты бир келген,
Канчаларга канат бүтөп, күү берген.
Ошону үчүн турмуш күлө караган,
Ошондуктан көптөн чыга иргелген.

– Кетти... кетти андан бери канча ай, күн,
Анын баарын бир сан менен өлчөймүн.
Өлчөнөт ал бошко өтпөгөн өмүрү,
Бир өзүнө, жалгыз өзү тең деймин.

Аны билээр, билген адам жок дебей,
Барды баалап жок нерсени кексөбөй.
Жаралганды Ай, Чолпонго кой теңеп,
Колдо барды кор кармабай тепсебей.

Бөксө элеби, көзгө толгус нерсеби,
Ал кандайча, канча бийик мерчеми.
Жан эритет жакшы айтылган жагым сөз,
Ээлеп турса жакшылык кең дүйнөнү.

Ошондуктан бир жаралып, бир келген,
Болумушка Бүбүсара түр берген.
Бар болгонбу, жашап өткөн адамбы,
Ушул суроо кайра канча сүйлөнгөн!?

Бу да болсо анын талант жомогу,
Бузулбаган, урабаган оролу.
Жана жакшы эне болду, жар болду,
Анда эмесе, ырдан айкел коёолу.

Таш айкелге жаздын чыгар жаштыгын,
Туйлап аккан тоо суусунун ташкынын.
Солк этпеген бел-белестин бийигин,
Ага чыгар ачыла элек кат сырын!!

Ким иштеди, ким кандайча жашады,
Кимдин канча артта турат атагы.
Атак үчүн асыл адам иш кылбас,
Улуу талант Бүбүсара сапары...

Ал жашады, бийлөө`эле тагдыры,
Ал иштеди бийинде эле бардыгы.
Көзү илинип кетсе дагы бий бийлеп,
Бийлеп тозчу күлкү менен кайгыны...

Бийин чөгөр жана чөгөр кайгысын,
Оюндагы дүрбөлөңүн, жай кышын.
Ыр ырдабай, бийин ырга айлантып,
Бүбүсара бул тарыхта калды ысым!!

Күлкүсүнө күлүп турган күн көктөн,
Айды жандап, жылдыз менен
сүйлөшкөн.

Бүбүсара өчпөй турган жарык шам,
Өмүрү гүл, өнөрү да гүлдө өскөн!!!

Жакшы ойдон көзгө сүйкүм төрөсүң,
Бийиктигин бийик дабан ченесин.
Кана Түкө калтыр ташка эжении,
Унутулгус бизге кымбат элесин!?

Жашоо жапжаш жана дайым кары да,
Бири кетсе, бирин кошкон сабына.
Кана Түкө сүйүү өзүндө эскиргис,
Сен да эмесе сүйүүң менен жаңыла!?

* * *

*Он төрт жыл бийлик башында туруп «Кыргызстан жалпынын үйү», «Мен ойлойм» деген мыкты болбосо да сөз түрмөктөрүн калтырып Маскөөгө сызган ажонун аты айтпаса да белгилүү. Бул саптардын ээси да ошол 2005-жылдагы окуядан кыйгап өтө албаган. «Бир жерден жаранка кетсе, ошол акындын жүрөгү аркылуу өтөт» деген сөз бекер айтылган эместир. Натыйжада* ***«Өсөөр элдин баатыры миң, бийи бир»*** *деген чакан дастан жаралган эле.*

Ода жазып эки миң беш сапарына,
Ода менен тургуң бар катарына.
Кыргыз үчүн сен өзүң көп түйшөлүп,
Кыргыз үчүн калды чоң атагың да!!?

Жай гана ачып жаттың барагыңды,
Жылдай эле, жай таштап кадамыңды.
Келе гой,– деп адамдар ак тилектен,
Тозуп чыкты күлкүңдү, жамалыңды.

Мынакей, кызуу кыял сапырылды,
Жаңы жыл деп шампандар атырылды.

Албетте, жакшы тилек жарым ырыс,
Күү чертилип күлкүгө чакырылды.

Кара башта калдайып ойлор турду,
Ак жакага жарашып бойлор турду.
– Не болоттун ичине жашыргандай,
Эки миң беш салам айтып колун сунду.

Кол кысылып ак көңүл турду тилек,
Аппак үмүт аларды алга сүрөп.
Эки миң беш асмандан сүрдүү тиктейт,
Дегениби, алдыда турат күрөш...

Бар экенин ал оңой келбестигин,
Эки ооз, үч ооз сөз менен жеңбестигин.
Айткысы бар, жана ыңгай түзгүсү бар,
Бөлүп алып, эл башын, теңдеш жүгүн...

Беренесиз журт башы биригеби,
Берен болбой кармашка түрүнөбү.
Эл камы деп күрөшчү азаматка,
Колдоо кылып ишине сүйүнөлү!?

Кыргызстан алдыга! «чыккын деген»,
«Алганын» ар айтканын уккун деген.

Үн угулат Ала-Тоо тоо-түзүнөн,
Не кылса да баардыгын уткун деген.

Ошолор бир апта Ошту жойлойт,
Андан соң Чүй, Таласты куру койбойт.
Андан ары Баткенди, Аксы, Аркытты,
Өздөрү каалагандай ишке ондойт!

Көл, Нарынга жетишпей калмак беле,
Андай кезде кош аяк талмак беле?
Үзүлгөнгө кайылдай буттар канча,
Максатты орундоо эле андан көрө!?

...Алга, стан, алгала! Жүрсөк олжо,
Артта калып ит болбо кокуй болбо!
Ишти аткарсаң байлыкка туйтунасың,
Башканы кой, башкысы ушуну ойло.

Бийлик берсм, кыйратып ийбесең да,
Бийлик сага эл, жер,- деп күйбөсөң да.
Эл байлыгы бүт баары «Алган акы»
Эне тилде эки ооз сөз билбесең да!?

Калп айта бер «караңгы калың элге»,
Ал гана эмес карганып тилинди эле.

Төрт ант берип он беш жыл такта
отурат,
Байлык, бийлик дегениң а көрөкчө!

Бу өлкөнү канча муун тургузушкан,
Аты-заты бул жердин Кыргызстан.
Ушул бир үй келгендики, жалпыныкы,
Дегенди уялбаймын туйгузуштан.

А балилеп далайды кубандырдым,
Манас-1000 – деп баатырды ураан
кылдым.
Ар бир жылга өзүнчө ат токутуп,
Чоркок менен чабурду чыгаан кылдым.

2200 деп тарых ачтым,
Тарыхчылар таппаган жарык ачтым,
Ага эч кандай жакындык болбосо да,
Ар кимдин көмөгүнөн китеп жаздым.

Ушинтип эки миңдин беши келди,
Улантылып улуу тарых көчү жеңди.
Бу жылда мурдагыдай амал издеп,
Кыялдар да кыйла эле чебеленди.

Депутатты ылайык тандоо турду,
Ангычакты алдыда шайлоо турду.
Көптөн күткөн ыңгайлуу учур ушу,
«Как жарабыз биз гана кара кылды!»

Шайлоо таза «суу таза», «биз тазабыз»,
Жаза келсек «тазаны» биз жазабыз.
Тырнактай да бир жерде кирибиз жок,
Тазаланып шайлоого баратабыз!!!

Таза менен тазадай сүйлөшөбүз,
Тазалыкты дүйнөгө үйрөтөбүз.
Таза тоо, таза талаа, таза жерди,
Таза сактап биз гана гүлдөтөбүз!

Деген жел кеп эч моюн бербей учту,
Калк каржалып бүткөнүн көрбөй учту.
Кыргыздын түштүгүнөн, түндүгүнөн,
Ачыла элек «кабат» сырын ачып чыкты.

## 2005-ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ, ФЕВРАЛЫ

Жылдагыдай кар түшүп тоо, түз аппак,
Жылдагыдай бу кыш да салтын сактап.
Жарым жума кышкы аяз кычыраса,
Кайра эки, үч күн асманда күн
жылтырап.

Атып келип январдын сургулт таңы,
Күн артынан чубашып күндөр жаңы.
Биринчи ай көп билген акылмандай,
Өз мөөнөтүн так өтөп аяктады...

Аяктады, не болот,– деген менен,
«Алга!» оюнда мен сөзсүз жеңем деген.
Калаа, айылды калтырбай жойлоп атты,
Бийлик бар,- деп колумда кебелбеген.

Ал бийликти бербестен чыңаш керек,
Аны эч жанга алдырбай улаш керек.
Ал үчүн парламентти ээлөө зарыл,
Шондо гана ойдогу сөзсүз келет!?

Деп сүйлөп алдыга «Алга» басты,
Деп иштеп күнү да, түн да шашты.

Антпесе болбойт эле, бийлик алсыз,
«Алга!»,– деп сары, көк акча чачты.

Шаштыны кетиргендей туруп женди,
Ушинтип жыйырма беши кирип келди.
Таза шайлоо, так шайлоо, калыс
шайлоо,
Деген кур сөз, жанын жеп чебеленди.

Кыдырды ал кыргыздын тоосун түзүн,
Бар далалат бардыгы бийлик үчүн.
Не болсо да болгондон ажырабоо,
Бар кадырын жана да сарптап күчүн.

Бул күнү чыркырады чындык ачуу,
Болуп жатты ак, кара салгылашуу.
Тегеретти санаасын бөлүп санга,
Не кыларын биле албай кары, жашы.

Кайышты таза чындык кабыргасы,
Көрүнбөй көңулгө төп табылгасы.
Бир кило этке бир добуш курман болуп,
Жалаң гана колдо бардын чабылды аты.

Чабылды аты, тапталып суулбаган,
Ал гана эмес жакшылап жуулбаган.
Пайдасына кыска шым кыздар жүрдү,
Жүрдү чалдар сакалы кырылбаган.

Балдарын үйгө камап калгандарын...
– Сен жүрү,– деп ээрчитип алган жарын.
Чала байлап чекелерге, желкесине,
Келди аялдар желбиретип бир байламын.

Жай ачылып убагында шайлоо жүрдү,
Колдоруна алышып бюллетенди.
Алданды болбогон гана тыйын үчүн,
Жакпаса да жагат,– деп добуш берди.

Кулач жайды «Алгалык арыстандар»,
Издешпей бирин-бири табышкандар.
Ээн жердин бөрүсү болушту алар,
Чындап эле ынсабын агыткандар.

Дүк-дүк соккон жүрөктө нелер болбойт,
Адамдын адамдыгын абийир коргойт.
Чыгышта көп айтылган уламыштай,
Көз кабына канча сал дүйнө толбойт.

Тойбостук, кокуй нерсе, кудай аткыр,
Толоору жалгыз кочуш топурактыр.
Толтурууга Адам-Ата жаралгандан,
Бери карай сансыз көз чачыраптыр.

Ал чындык тыным албай уланууда,
Келе бер,– деп кызартып сурануууда.
Алган март,– деп Алыкул какшыгындай,
Алганына чеке жарып кубанууда...

Ооба, ырас, «жебеген жер алдында»,
Жегени үчүн жер жүзүнө жаралдың да.
Дегиң бардыр, жегендин эбин билбей,
Сен сыңар көп жегенди көр алдыда.

Көп жеген көп чычары көпкө анык,
Көрүнөт баары сонун сыяктанып.
Кезинде дал ошолор жүрөгүнө,
Турганда, не демексиң канжар малып.

Анда кеч, анда баары артта калган,
Ошондо бир айтарың, дүйнө арман.
Бул чындык миң жыл мурда далилденип,
Алтындан канча баалуу сөзгө айланган.

Андыктан далай аңыз адам жолу,
Шондуктан бардан баалуу адам болуу.
Ар жанда жер таптаган эки аяк бар,
Бир дене, колу, буту болуп чогуу.

Анын да ким-кимдигин ынсап билет,
Бир кадам алыстабай ынсап жүрөт.
Ал ынсап дабандарда, бел-белесте,
Көз жоосун ала турган гүл өстүрөт.

Өмүрдө бир суроо бар,– Кана,– дечү,
Ишиңди бир башынан сана дечү.
Ар бирин көптүн көзү турар көрүп,
Тирелип турат бардык керегеси.

Келгенде көз калыс, чын катаалы,
Берет мезгил берүүчүгө жазаны.
Бирин бирге, миңин миңге ачыктап,
Таптаза дейт баскан жолун тазаны.

Таза жашап, алар көрөт таза күн,
Аты-заты, эл жерине болот дүң.
Ал баскан жол, ал калтырган таберик,
Кереги экен жашоодогу керектин.

Анда элдин баатыры миң, бийи бир,
Андай жерде көтөрүүчү жүгү бир.
Андай элде, намыс менен ар бийик,
Душманына тили менен сүрү бир.

Карысынын каткырыгы таш жарат,
Кыз-келини кыргый мүчө, ак тамак.
Жигиттери асман-жерде чабыттап,
Жолго чыкса, сапарга эрте аттанат?!

Бул турмушта аз эмес, көп учурлар,
Жакшы оюнда дайын турат ушулар.
Жакшы тилек жарык кылып жашоону,
Болот анда көктү жирep учуулар.

Деп келишти шайлоочулар чын дилден,
Деп турушту ак тилекте күтүңгөн.
Бирок андай болбогонго каршымын,
Деп турушту сыртынан да, ичинен.

Ташкын тура, көрсө ээ-жаа бербеген,
Селден күчтүү серпип салчу эл деген.
Көчкү тура алдын бүтүн шыпырып,
Асканы да, башканы да сермеген?!

## МАЗМУНУ

Сенин, менин,– Ала-Тоолук кыргызыма ...... 3
Бозүйдү эстеп ........................................ 4
Мен көчөңдү көп кыдырып бүтпөдүм .......... 6
Сенде жүрүп, сенде сездим эң көптү .......... 7
«Жаш гвардия» гүл багына ........................10
Айткым келбейт пайдасы жок жөн кепти. ............................................12
«Ала-Тоо» кинотеатрына ............................14
Акылдар ................................................15
Акылдан өткөн акыл бар ...........................17
Агарган таң, атып келген башка таң .........18
Эмне кылып жатат дейби бу кыргыз .........19
Жакшылык чырак жагат ...........................21
Чындыктын бирин эмес миңин билем ........22
Мен жашайм буроо менен суроо менен .......24
Жалгыздыкты жашырып... .........................26
Он жашаар чындыгында бала жашы .........27
Асыл башың далайды көрөт экен ..............28
Жакшыдан жагым кеп калат экен ............29

Отурам да, ой агытып жоруп ой ................30
Оо чаржайыт, чакырам биригүүгө ............32
Алты айчалык сапар чегип келбеген..........32
Алыныц келип ай менен.........................34
Кандай келип, кандай өттү ай, жылың .....35
Жетимиш жашка ...................................36
Согуп-согуп жел өтсө ...........................38
Өмүр ................................................39
Супсак дүйнө, сур дүйнө .......................41
Өмүр менен өлүм ..................................42
Ат-тиң кейиш, арманы көп дүйнөгүн.........44
Ойдо өсүп өнгөн экен ...........................45
Жылдызыма тийбе ................................46
Канатын желге сабап ...........................48
Эмгек менен эриш-аркак бактыбыз ..........49
Гүүлдө өзөн гүүлдө ...............................51
Сен да есүп, мен да жашап келемин .........52
Карага эмес, акка кел ..........................53
Күлкү да бар, күйүт да бар көзүндө...........54
А.Ү. Асаналиевге...................................56
Чолпонбек, Чолпондой жигит эле ............58
Ак мээнет акыбети (Ю.Шыгаевге) ............59
Ч.Айтматовдун бейитинде ......................60
Дагы бир жылдыз өчтү
(Т.Океевди эскерүү) .............................62

Байкуш кызым, багың кайда каралдым.....63
Мекенден алыстаган кыздын монологу ......65
Суу океан, суу көл, деңиз, суу дайра .........69
Көптөн жакын жатындаштай бир өзү ........70
Күн бүркөлүп качыргандай көркөмүн........72
Адам бол, журтум самаган ........................73
Тилек тилеп, отурам тилек тилеп..............75
Өмүр, өмүр өөдөлөп келүүдөсүн ................76
Кар жаады ойду-тоону шейшепке ороп ......77
Чыгам дагы ..............................................78
Акындыгы алп өмүрдөй ...........................82
Жылып өттү далай жыл...........................83
Далилдөөсүз накта чындык ал турган........85
Ичкиликти ичпедим деп айта албайм ........86
Кадыр түн.................................................87
Убададан тайбастан..................................89
Жүрөгүмдө бөксөрбөгөн кайгым бар..........90
2009га кайрылуу ......................................92
Ала-Тоо керилесиң, керилесиң..................96
Булутун жаздын кыргыздын .....................97
Курчуган акыл жүрөктөн .........................98
Табигат чебердигин, берешенин ...............99
Кереметтин борборундай .........................99
Ар дайым, сезим ысык, сезим ысык ........102
Жазып калчы калем барда ....................103

Мына ушинтип келуудөсуң.................... 104
«Кыргыз көчү» кыргыз атам чыгарган .... 105
Аласылып жылдар өттү канчалык........... 106
Чындыкты болбос төгүндөө..................... 108
Кай дарак кандай бүрдөөрүн.................... 109
Айланайын Биримкул күйгөнүңө ........... 111
Бактан чыгып батыш жакка алдык бет.... 112
Адамзаттын акылынан жаралган ............ 114
Толук эмес, келе электе таң да атып........ 115
Толкуп жатты, толкуйт деген ушу да ...... 116
Жылып келген, күн, айындай жай
ылдам ................................................ 118
Кемчил жагы ар бир сөздү кыйкымдап.... 119
Бийлик, бийлик билинбеген, билинген .... 121
Түшкө кирген суу – дайра,..................... 123
Жылдар жылып өзгөргөндөй сезилди ...... 124
Жер-Эне кантээр экен, кантээр экен? ...... 125
Салбурун ............................................. 128
Айланайын Бишкегим ............................ 129
Нечен, нечен үйлөрүндү тиктедим........... 130
Сен да өсүп, мен да жашап келемин ........ 131
Эркиндик бульварына ........................... 133
Жазмакердик ар жанга берилбеген.......... 134
Жазып болуп калемиме таянып .............. 135
Бүгүнкү күн, жазылчу бир ак барак........ 136

Ыр бар ........................................ 138
Сен жөнүндө ыр жазайын деп турам........ 139
Сөздөр, сөздөр, алтындарым
күмүштөрүм.................................. 142
Жыл жемиши – көңүлүмө катылган ....... 143
Күрп-күрп этип сен агасың түшүмдө ....... 144
Атак деген чанда келчү бир белек .......... 145
Кымыз дары ...................................... 147
Жылдызга жеткен ой бийик ................. 147
Шаар, шаардай, айыл болчу айылдай ...... 148
Көк асаба......................................... 150
Шылтоо да бар, баягы эле баягың .......... 151
Бизде жетпейт эмне азыр?..................... 152
Аз турбадык, көпүрөдө көп турдук.......... 153
Кана достор бийлейли ......................... 155
Коюндашып уктаган ........................... 156
«Арашандын» 14 бөлмөсүнөн................... 157
Канатын желге сабап .......................... 158
Бот... бакты уурдайм,– деген
Венера кыз ................................... 159
Эрте чыктым адатымды карматып........... 160
Баарын мезгил, баарын жашоо
салмактайт ................................... 162
Уул деген уулдай уул болсо .................. 163
Аппак, аппак, аппак кар...................... 164

**Поэмалар**

Мен издеген бакыт.................................165
Ташка жан салган талант........................178
Дилдиреген добушун..............................192
Ода жазып эки миң беш санарына..........199
2005-жылдын январь, февралы..............204

*Көркөм-адабий басылма*

**ОРОКЧИЕВ ТЕНТИ**

# САЛБУРУН

*Кыргыз тилинде*

Редактору *И. Алдеев*

Компьютерде терип,
калыпка салган *Р. Терибаева*

Басууга 24.12.2013-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 $^{1}/_{32}$.
Колөмү 13,5 б. т.
Заказ № 266
Нускасы 400.

«Бийиктик» басмасы
Бишкек ш., Ю. Абдрахманов коч., 170 «А».